SanaripInsan

# Мобилдик Интернет көндүмдөрүн үйрөтүүчү курал

Адамдарга мобилдик интернеттин негизги көндүмдөрүн үйрөтүү үчүн колдонмо



GSMA дүйнө жүзү боюнча уюлдук операторлордун кызыкчылыктарын чагылдырып, 750дөн ашык операторлорду кеңири мобилдик экосистемадагы дээрлик 400 компаниялар менен бириктирет, анын ичинде телефондорду жана аппараттарды жасоочулар, программалык камсыздоо компаниялары, жабдууларды камсыздаган провайдерлер жана интернет компаниялары, ошондой эле чектеш өнөр жай секторлорундагы уюмдар. GSMA ошондой эле Барселонада, Лос-Анджелесте жана Шанхайда жыл сайын өткөрүлүүчү MWC тармагынын алдыңкы иш-чараларын, ошондой эле Mobile 360 Series аймактык конференцияларын уюштурат.

Көбүрөөк маалымат алуу үчүн, www.gsma.com дарегиндеги GSMA корпоративдик веб-сайтына кириңиз.

Бирдиктүү Коом программасы өнүгүп келе жаткан рыноктордо калктын аз камсыз болгон топторуна көңүл буруп, мобилдик интернетке жетүүнү жана аны кабыл алууну жогорулатуу үчүн мобилдик индустрия, технологиялык компаниялар, иштеп чыгуучулар коомчулугу жана өкмөттөр менен иштейт. Негизги иш-чаралар төмөнкүлөрдү камтыйт: Мобилдик интернетти камтуу жана колдонуу боюнча түшүнүктөрдү жана окууларды уюштуруу жана жайылтуу.

Мобилдик байланышты жана аны пайдалануучуларды көбөйтүү үчүн мобилдик байланыш операторлорун колдоо. Уюлдук операторлордун көбүрөөк санариптик инклюзияга жетишүү аракеттери өкмөттөр, эл аралык коомчулук жана башка кызыкдар тараптар тарабынан натыйжалуу колдоого алынышын камсыз кылуу үчүн пропаганда жана саясат иштерин жүргүзүү.

Көбүрөөк маалымат алуу үчүн www.gsma.com/connected-society дарегине кириңиз

Же биз менен байланышыңыз: connectsociety@gsma.com

Бул материал Улуу Британия өкмөтүнүн каржылоосу менен ишке ашырылган; бирок айтылган пикирлер Улуу Британиянын өкмөтүнүн расмий саясатын чагылдырбайт. Мобилдик Интернет көндүмдөрүн үйрөтүүчү курал (MISTT) © 2021 GSMA Mobile for Development Foundation, Inc уюму Лицензия CC BY 4.0

Мобилдик Интернет көндүмдөрүн үйрөтүүчү курал (MISTT) GSMA Mobile for Development Foundation тарабынан бүткүл дүйнөлүк санариптик инклюзивдүүлүктү жакшыртуу аракетинде түзүлгөн. Санариптик коомдук товарлардын принциптерине ылайык, материал Creative Commons 4.0 BY астында эркин жеткиликтүү. Бул лицензия сөзсүз авторду белгилөө менен кайра колдонуучуларга материалды каалагандай чөйрөдө же форматта жайылтууга, ремикс кылууга, ыңгайлаштырууга мүмкүндүк берет. Лицензия коммерциялык максатта колдонууга мүмкүндүк берет.

Funded by the European Union

Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Кыргыз Республикасындагы жарандарын заманбап билим менен камсыздоо, санариптик көндүмдөргө үйрөтүү аркылуу алардын иштөө, окуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында “Санарип Инсан” долбоору бул колдонмону биринчи жолу кыргыз жана орус тилдерине жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алып которду. Материалдын мазмунуна "Интернет Коомунун Кыргыз Бөлүмү" жооптуу жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт. Мобилдик Интернет көндүмдөрүн үйрөтүүчү курал (MISTT) © Интернет Коомунун Кыргыз Бөлүмү, Inc уюму, 2023-жыл, Лицензия CC BY 4.0



Урматтуу окурмандар,

Mobile Internet Skill Training Toolkit (MISTT) программасына кош келиңиз. MISTT методологиясы колдонуучуларга мобилдик интернетти колдонууда практикалык көндүмдөрдү алууга жардам берүү үчүн GSMA Фонду тарабынан иштелип чыккан жана ар кандай тилдерге которулган. Бул колдонмо биринчи жолу кыргыз жана орус тилдерине которулуп, Санарип Инсан долбоорунун алкагында басылып чыкты. Санарип Инсан долбоору айыл жергесиндеги жарандарга, өзгөчө жаштарга жана аялдарга санариптик көндүмдөрдү, атап айтканда, электрондук соода, туризм жана айыл чарба тармагында санариптик билим алууга жардам берүүнү көздөйт. Долбоор Интернет Коомунун (ISOC) Кыргыз бөлүмү тарабынан Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен Европа Коңшулук Кеңеши (ENC) менен өнөктөштүктүн негизинде ишке ашырылууда.

*Бул материалдын мазмунуна "Интернет Коомунун Кыргыз Бөлүмү" жооптуу жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.*

Кыргыз Республикасындагы жарандарын заманбап билим менен камсыздоо, санариптик көндүмдөргө үйрөтүү аркылуу алардын иштөө, окуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында "Санарип Инсан" долбоору GSMA MISTT аталышындагы атайын видео сабактарыд даярдады.
Бул видео сабактар өлкөдөгү бардык жарандарга жеткиликтүү тилде болуп, мобилдик телефондун ичиндеги көптөр билбеген толгон-токой маалыматтарды, интернет аркылуу дүйнө менен натыйжалуу баарлашууну, ар кандай платформалардын кеңири функцияларын, бул инструменттерди өзүнүн пайдасына иштетүүнү жана ал аркылуу миңдеген мүмкүнчүлүктөргө ээ болууну камсыздайт.

***Видео сабактарды көрүү үчүн QR код аркылуу өтүңүздөр***

Санарип Инсан долбоорунун дагы бир арыкчылыктуу багыттарынан бири «Санариптик көндүмдөр, түрдүү платформалар жана тиркемелер аркылуу Кыргызстандын туристтик потенциалын жогорулатуу болуп эмептелет. Ага ылайык, Санарип Инсан долбоору региондогу тургундарды санариптик көндүмдөрдү үйрөткөн телеберүү жана мультимедиалык видео материалдар сериясын иштеп чыкты. жөнөкөй жарандарга эл аралык жана локалдык санариптик платформаларды, тиркемелерди, социалдык медиаларды колдонуу аркылуу өз айыл-аймактарына кантип туристтерди чакырса болорун, ал аркылуу кантип киреше табарын үйрөтөт. Бул өз кезегинде, Кыргызстандагы жалпы туристтик потенциалды жогорулатып, туристтердин агымын күчөтөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сунушу менен Майкрасофт компаниясынын санариптик сабаттуулук окуу курсу толук кыргыз тилинде даярдалды.
Кыргыз тилиндеги Майкрософт заманбап курсу жарандарга башкалар менен кызматташуу жана маалыматты табуу, колдонуу жана түзүү үчүн түзмөктөрдү, программалык камсыздоону жана интернетти колдонуу үчүн санариптик сабаттуулукка кантип ээ болуу керектигин үйрөтөт. Курс көбүнчө интерактивдүү иш-аракеттерди, викториналарды жана окууну бекемдөө үчүн баалоолорду камтыйт.

Санариптик сабаттуулук - бул окуу, жазуу, техникалык көндүмдөр жана критикалык ой жүгүртүүнү колдонуу менен санариптик дүйнөбүздө багыт алуу жөндөмү. Ал маалыматты табуу, баалоо жана баарлашуу үчүн смартфон, компьютер, электрондук окурман жана башкалар сыяктуу технологияларды колдонууда.
Кыргыз тилиндеги бул заманбап курс сизге башкалар менен кызматташуу жана маалыматты табуу, колдонуу жана түзүү үчүн түзмөктөрдү, программалык камсыздоону жана Интернетти колдонуу үчүн санариптик сабаттуулукка кантип ээ болуу керектигин үйрөтөт.

Кыргыз Республикасындагы жарандарын заманбап билим менен камсыздоо, санариптик көндүмдөргө үйрөтүү аркылуу алардын иштөө, окуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында «Санарип Инсан» долбоору Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыктын негизинде Python программалоо тили окуу курсун иштеп чыкты.
Python программалоо тили боюнча видео сабактар - ийкемдүү жана күчтүү программалоо тилин өздөштүрүүнү сунуштайт.

Курс Pythonдун негиздерин үйрөнүүнү жана программалоо жөндөмүн өнүктүрүүнү каалаган жарандар үчүн иштелип чыккан. Бул видеосабактар сизге Python программалоо тилин оңой жана ишенимдүү үйрөнүүгө жардам берет. Python программалоо тили боюнча видеосабактар бул программалоо тилин өздөштүрүп, аны веб-иштеп чыгуу, илимий изилдөө, маалыматтарды талдоо жана башка ар түрдүү тармактарда колдонууну каалагандар үчүн эң сонун тандоо.
Тажрыйбалуу Python программисти болуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбаңыз! Курсту азыр окуп баштап, Python дүйнөсүнө кызыктуу саякатыңызды баштаңыз!

«Санарип Инсан» долбоорунун вебинарлар сериясында тажрыйбалуу жана өзүнүн басып өткөн жолу менен жаштарды, кыз-келиндерди, студенттерди, мигранттарды жана алыскы аймактарда жашаган жарандарды шыктандырган жергиликтүү жана эл аралык эксперттер өз тажрыйбалары менен бөлүшөт. Вебинарларда санариптик көндүмдөргө байланыштуу теориялык жана практикалык маалыматтар айтылат. Ага Кыргызстандын бардык

аймактарынан жарандар катышып, маалыматтык-технологиялардын артыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу керектүү маалыматтарда уга алышат. Вебинарлар сериясы бир айда эки ирет уюшулууда.

«Санарип Инсан» подкасттар заманбап технологиялар адамдардын жашоосун кандай өзгөрттү, алардын жашоосун жеңилдетип, убактыларын үнөмдөөгө жана учур талабына ылайык адис кылууга кандайча жардам берүүдө деген суроолорго жооп издеп, маалыматтык-технологиялар менен тыгыз иштеген санарип-инсандардын баскан жолу, бейнеси жана ийгиликтерин талкуулайт. Подкастта жаштарды, кыз-келиндерди жана алыскы аймакта жашаган тургундарды санариптик көндүмдөрдү үйрөнүүгө шыктандырып, реалдуу үлгүлөр аркылуу маалымат бөлүшүлөт.

«Санарип Инсан» долбоору социалдык тармактарда да активдүү иш алып барууда. Фейсбук, Инстаграм, Твиттер баракчаларында «Санарип Инсан» долбоорунун ишке ашуу процесстериндеги урунттуу учурлар: атайын иш-чаралар, тренингдер, вебинарлар, подкасттар, расмий жолугушуулар тууралуу маалыматтар тиркелип турат. Андан сырткары, социалдык тармактын колдонуучулары үчүн маалыматтык-технологияларга байланыштуу керектүү маалыматтар, ишкердик жүргүзүүдө санариптик платформалар жана эң жөнөкөй санариптик сабаттуулуктун белгилери жөнүндө публикациялар жана тарыхчалар чыгып турат. Социалдык тармактар аркылуу кээде сурамжылоо, талкуулоо жүрүп же катталуучулар комментарий калтыруу аркылуу биздин долбоор менен аудиториябыз ортобузда тыгыз жана оперативдүү байланыш түзүлүүдө.

Internet Society (ISOC) – бул интернеттин бардык адамдар үчүн пайдалуу жана жеткиликтүү болушун камсыз кылуу үчүн түзүлгөн глобалдык уюм. Анын негиздөөчүсү Винт Серф ("Интернеттин атасы" катары белгилүү). Интернет Коомунун (ISOC) Кыргызстандагы бөлүмү 2015-жылы каалоочу-ыктыярчылар тарабынан түзүлүп, коомдук бирикме катары 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Бул убакыттын ичинде ISOC көптөгөн билим берүү долбоорлорун ишке ашырды, анын ичинде:

1. Интернет инфраструктурасын жана коомдук интернет-түйүндөрүн куруу. Биз глобалдык Интернет Коомдун колдоосу менен коомдук интернет түйүндөрүн түзүп, Кыргызстандын Суусамыр, Зардалы, Ноокат, Эңилчек, Ак-Шыйрак сыяктуу алыскы жана тоолуу аймактарын интернетке туташтырып келебиз.
2. Дүйнө мектептерин интернетке кошуу. ЮНИСЕФ/ITU глобалдык демилгеси GIGA менен өнөктөштүктүн негизинде биз Нью-Йорктогу ЮНИСЕФтин колдоосу менен бүткүл дүйнөлүк мектептерди Интернетке туташтыруу боюнча колдонмонун үстүндө иштеп жатабыз.
3. Санарип Инсан - Санариптик көндүмдөрдү өркүндөтүү. Sanarip Insan (Digital Citizen), айылдык жамааттардагы жаштар жана аялдар үчүн санариптик сабаттуулук долбоору; Европа Биримдиги тарабынан каржыланган жана Европа Коңшулук Кеңеши (ENC) менен биргеликте ишке ашырылган долбоор.
4. IlimBox - Окуу материалдарын иштеп чыгуу. IlimBox (Internet-in-a-Box) санариптик китепкана, Хан Академиясынын видеосабактары жана Wikipedia сыяктуу окуу материалдарын кыргызчалап, интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү жок айыл жерлериндеги мектептерге жана китепканаларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуучу долбоор. Европа Биримдигинин жана АКШ элчилигинин колдоосу менен ишке ашты; IlimBox долбоору Томсон Рейтерс Фондунун санариптик билим берүү тармагындагы жети глобалдык демилгелердин тизмесине киргизилген;
5. IlimBox.kg билим берүүчү онлайн платформасы. ISOC-KG IlimBox.kg онлайн билим берүү платформасын иштеп чыгууда, Ал Кыргыз Республикасындагы АКШнын элчилигинин колдоосу менен кыргыз тилинде онлайн окуу мүмкүнчүлүгүн түзүүдө.
6. Коомдун кызматындагы технологиялар (Tech4Society) – жарандардын киберкоопсуздугун чыңдоочу долбоор. Биз жарандар үчүн кибер коопсуздукту жана кибергигиенаны камсыз кылуу үчүн иштеп жатабыз. Долбоор Сорос-Кыргызстан Фондунун колдоосу менен Франциядагы Nothing2Hide сыяктуу өнөктөштөр менен биргеликте ишке ашырылууда.
7. Фергана өрөөнүндө Интернеттин баасын төмөндөтүү менен бирге Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын жашоочулары үчүн ылдамдыкты жана сапатты жакшыртууга көмөктөшүүчү Интернет алмашуу пунктун (IXP) куруу.
8. Кырсыктарды алдын алуу үчүн МКТ аркылуу климатты коргоо. Акылдуу сенсорлорду (IOT) жана шаар аралык байланыш (LoRa) технологияларын колдонуу менен биз кырсыктарды алдын ала айтуу жана алдын ала чара көрүү үчүн климаттык шарттарды көзөмөлдөйбүз. Долбоор Италиядагы Эл аралык теориялык физика борбору (ICTP) менен биргеликте глобалдык Интернет коому фондунун колдоосу менен ишке ашырылууда.

Биз учурдан пайдаланып, Интернет Коомунун Кыргызстандагы филиалына көрсөткөн колдоосу үчүн жогоруда саналган өнөктөштөргө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Өзгөчө кырдаалдар министрлигине, Билим берүү жана илим министрлигине, Санариптик өнүктүрүү министрлигине, Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигине, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине, Борбордук шайлоо комиссиясына жана башка мамлекеттик органдарга жемиштүү кызматташуу үчүн ыраазычылык билдиребиз.
Келечекте биз бардыгы үчүн пайдалуу интернет менен камсыз кылуу миссиясы менен жогоруда айтылган максаттарга жана милдеттерге жетишүүнү пландап жатабыз. Айылдарды интернетке туташтыруу менен иштейбиз. Жергиликтүү тилдердеги санариптик билим берүү мазмуну дагы эле негизги көйгөй бойдон калууда, ошондуктан биз бул жаатта көбүрөөк иштейбиз. Интернетти пайдага колдонуу көндүмдөрү - бул сонун мүмкүнчүлүк, ошондуктан биз бул жаатта тренингдерди өткөрүүнү улантабыз. Жалпысынан биз географиябызды Кыргыз Республикасынан тышкары Борбор Азияга да кеңейтүүнү пландап жатабыз, бул башка региондордогу коомчулуктар үчүн да интернеттин артыкчылыктарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет.
Бул колдонмо сиз үчүн кызыктуу болот жана биздин бардык окурмандарыбызга практикалык пайда алып келет деп үмүттөнөбүз! Жаңы технологиялар жана интернет аркылуу биздин аймактын тургундарынын жашоо сапатын жакшыртуу боюнча сиздин сын-пикирлериңизди, идеяларыңызды жана сунуштарыңызды кабыл алууга даярбыз.

Урматым менен,
Интернет коомунун Кыргыз бөлүмүнүн төрагасы
Талант Султанов

**Киришүү** **9**
Бул окуу куралына киришүү 10
Бул окуу куралында эмне камтылган? 10
Окутуунун мазмунуна сереп салуу 14
Бул куралды кантип колдонсо болот? 15

---

**Бир тиштем маалымат тренинги** **16**
**Бир тиштем маалымат тренингин кантип колдонсо болот** 17
**Мобилдик интернет деген эмне?** 19
**Ватсап** 21
**Ютуб** 23
**Гугл** 25
**Википедия** 27
**Фейсбук** 29
**Коопсуздук** 31

**Тереңдетилген тренинг** **46**
Тренингди кантип долбоорлоо керек 47
Тренерлер үчүн кеңештер 48
Тереңдетилген окутууну кантип колдонсо болот 49
Тренинг сессиясынын текшерүү тизмеси 50
**Модуль 1: Киришүү** 51
**Модуль 2: Ватсап** 60
**Модуль 3: Ютуб** 71
**Модуль 4: Гугл** 82
**Модуль 5: Википедия** 94
**Модуль 6: Фейсбук** 103
**Модуль 7: Интернетте коопсуздук** 112
**Модуль 8: Мобилдик акча** 121
**Модуль 9: Андроид** 131
**Модуль 10: Жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөр** 144

**Ресурстар: плакаттар жана таратма материалдар** **161**
Кесип алуу үчүн Иконкалардын сүрөттөрү

# Бул окуу куралына киришүү

Мобилдик телефондор чалуулар үчүн жөн гана курал эмес. Барган сайын алар дүйнө жүзү боюнча адамдардын интернетке кирүүсүнүн негизги жолу болуп баратат. Интернет колдонуучуга көптөгөн артыкчылыктарды бере алганы менен, уюлдук телефонду эффективдүү колдонуу үчүн атайын көндүмдөр жана билим талап кылынат. Бул көндүмдөрү жана мобилдик телефонду эффективдүү колдонуу тууралуу билими  жок адамдар үчүн жашоону жакшыртуу кызматтары жеткиликтүү эмес дегенди билдирет.

## Бул курал эмнеге жетишүүгө аракет кылып жатат?

Бул инструменттер, адамдардын мобилдик интернет боюнча негизги билимдерин жана түшүнүгүн жогорулатуу үчүн тренинг өткөрүүнү каалаган мобилдик тармактын операторлору (МТО), бейөкмөт уюмдар (ӨЭУ), өнүктүрүү уюмдары жана өкмөттөр үчүн.

Бул жерде берилген инструменттер жана ресурстар тренерлерге мобилдик телефондордогу интернеттин пайдалануу баалуулуктарын көрсөтүү үчүн керек. Натыйжада, угуучулар интернетти эмне үчүн колдоно аларын тереңирээк түшүнүшөт жана аны колдонуу үчүн зарыл болгон негизги көндүмдөргө ээ болушат. Бул мобилдик интернет сунуш кылган жашоону жакшыртуучу кызматтарды колдонууга жана маалыматтуулуктун өсүшүнө алып келет деп ишенебиз.

Бул инструментте берилген маалыматтар мобилдик интернет жөндөмү аз же такыр жок адамдарга багытталган. Ал мобилдик интернет деген эмне экенин, анын жардамы менен баарлашууну жана онлайн издөөнү үйрөнүүнү каалагандарга үйрөтүү максатын көздөйт. Бул инструменттер топтому уюлдук телефондорду колдонуу тажрыйбасы жок адамдар үчүн ылайыктуу эмес жана чалуу же SMS жөнөтүү негизги функцияларды камтыбайт.

Ушул себептен улам, бул инструменттер топтому тиркемелерди кантип жүктөө же электрондук почтасын каттоо боюнча маалыматты камтыбайт, анткени бул процесстер көбүнчө мобилдик интернет жөндөмдөрү аз же такыр жок адамдар үчүн өтө татаал. Ошол сыяктуу эле, ал мобилдик интернет менен мурунтан эле тааныш болгондор үчүн иштелип чыккан эмес.

Бул курал Индиянын Махараштра штатындагы адамдар үчүн ылайыкталган болсо да, биз анын башка аймактарында да актуалдуу болоруна ишенебиз. Мындан тышкары, аны "Колдонмо" катары башка өлкөлөрдөгү адамдардын муктаждыктарын канааттандырууга ылайыкташтырса болот.

# Окутуу куралына киришүү

### “Колдонмо” деген эмне?

Бул колдонмону ушул документ менен бирге колдонуу керек, ошону менен бирге ар бир өлкөнүн инструкторлоруна өз аудиториясы үчүн мобилдик интернеттин базалык көндүмдөрүнө контекстке көз каранды тренингди иштеп чыгууга жана өткөрүүгө мүмкүндүк берет. Колдонмодо алардын конкреттүү аудиториясы үчүн ылайыкташтырылган, мазмундуу окуу иш-чараларын жана ресурстарды иштеп чыгуу боюнча иш-чаралар жана сунуштар келтирилген.

Колдонмо ошондой эле бул инструменттердеги маалымат жана кеңештерден тышкары колдонула турган көптөгөн пайдалуу мисалдарды камтыйт. Бул инструменттин бардык колдонуучуларын окуу сессияларына кошумча катары колдонмонун эң маанилүү бөлүктөрүн карап чыгууга жана колдонууга чакырабыз

# Бул куралдар топтомунда эмне камтылган?

Бул куралдар топтому баштапкы деңгээлдеги смартфондон мобилдик интернетти колдонууга  киришүүнү камтыйт. Бул угуучуларды негизги коммуникация көндүмдөрүнөн тартып, интернеттен издөө сыяктуу татаал көндүмдөрдүн өтүшүнө алып баруучу саякат катары иштелип чыккан. Бул курал инструменттердин жалпы агымын камтыганы менен, ар бир окуу сессиясы өзүнчө билим берүү үчүн иштелип чыккан. Бул тренерге алардын максаттуу аудиториясына тиешелүү болгон нерсеге жараша кайсы сессияларды колдонууну тандоого мүмкүндүк берет.

Биз адамдарды мобилдик интернет менен тааныштыруу кызматтары катары Ватсап, Ютуб, Википедия, Фейсбук жана Гугл ду колдонобуз. Ошондой эле интернет менен тааныштырабыз жана коопсуздукту, нарк маселесин камтыйбыз. Бул кызматтар көпчүлүк өлкөлөрдө эң актуалдуу экендиги биздин керектөөчүлөрдү изилдөөбүз көрсөттү.

Эгер сиз бул инструменттер топтомун өз өлкөңүздө колдонууга ыңгайлаштыргыңыз келсе, анда бул кызматтарды аудиторияңыздын суроо талабына жараша ыңгайлаштырсаңыз болот. Бул учурда коштоочу “Колдонмо” болсо, пайдалуу болушу мүмкүн.

# Бул куралдар топтомунда эмне камтылган?

## Интернетке киришүү

Көп адамдар мобилдик интернет жөнүндө мурда уккан болсо да ал эмне экенин билишпейт. Биз адамдардын интернет жөнүндө эң көп тараган суроолоруна жооп берүүгө жардам берүү үчүн бир нече жөнөкөй түшүндүрмөлөрдү киргиздик.

## Ватсап

Көптөгөн өлкөлөрдө адамдар Ватсап ка кызыгышат. Адамдардын көбү SMS колдонуусунан улам, анын маалымат алмашуу функционалдуулугу адамдарга белгилүү болгон нерсе. Ватсапты "кирүү чекити" катары колдонуу тренерлерге адамдар билген нерселерге, ошол эле учурда интернет аркылуу байланыш жана бул үчүн зарыл болгон көндүмдөргө таянууга мүмкүндүк берет.

## Ютуб

Ютуб угуучуларга жөнөкөй, кызыктуу маалыматтарды интернет айдыңынан табууга мүмкүнчүлүк берет. Ал ошондой эле тренерлерге Кыргызстандагы адамдардын аудио-визуалдык каналдарга болгон позитивдүү көз карашына таянып ошол эле учурда мобилдик интернетти колдонуу үчүн зарыл болгон көндүмдөр менен тааныштырууга мүмкүндүк берет. Туташуу көйгөйлөрүнөн улам Ютуб бардык жерлерде колдонула бербеши мүмкүн. Мындай учурларда биз Ютуб модулун өткөрүп жиберүүнү, же иштетүү үчүн азыраак маалыматты талап кылган башка аудио/визуалдык тиркемени колдонууну сунуштайбыз (мисалы, Гугл сүрөт издөө сыяктуу колдонмосу).

## Гугл Издөө

Гугл Издөө адамдарга интернеттен кызыктуу маалыматты табууга жана угуучуга интернетте жеткиликтүү маалыматтын көптүгүн жана тереңдигин сезүүгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле алардын издөө жана навигация жөндөмдөрүн жакшыртууга жардам берет. Катышуучуларын Ютуб модулу аркылуу өткөргөн тренерлер үчүн бул Ютуб менен үйрөнгөн көндүмдөрдү бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

# Бул инструментте эмнелер камтылган?

## Википедия

Википедиа акысыз интернет маалымдамасы (же энциклопедия), анда билим берүү темалары боюнча нейтралдуу, так фактылар берилет. Бул модулда, угуучуларга интернеттен «жеңил» веб-сайтынан кенен маалымат алса болоору жөнүндө мисал келтирилет. Бул ошондой эле аларды интернеттеги маалыматтарды көбүнчө дүйнө жүзүндөгү карапайым адамдар жаратат деген идея менен тааныштырат.

## Фейсбук

Фейсбук - бул адамдарга бизнес өнөктөштөрү, үй-бүлөөсү жана досторү менен байланышта болууга, жаңылыктарды алууга, же атактууларга жана спорттук командаларга көз салууга мүмкүндүк берген социалдык тармак. Бул модул социалдык тармак тарабынан сунушталган мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири спектрин көрсөтөт жана аларга "аккаунт" жана "бирге колдонуу" жөнүндө түшүнүк берет.



## Коопсуздук жана Нарк

Коопсуздук жана мобилдик интернетти колдонуунун баасын түшүнүү Ватсап, Ютуб Гугл, Википедия жана Фейсбук модулдарынын ар биринде камтылган. Биздин изилдөөлөр Кыргызстанда мобилдик интернетти колдонгон адамдар үчүн коопсуздук жана чыгым олуттуу маселе экенин көрсөттү, ошондуктан бул маселелерди ар бир терендетилген окуу модулунун ичинде жана кыска окуу сессияларында кошумча кароону чечтик.



## Мобилдик акча

Мобилдик каражаттар колдонуучуларга каржылык кызматтарды алуунун негизги жолдорунун бирин камсыз кылат. Бул модулда угуучуларга мобилдик акчаны кантип колдонуу керектиги жөнүндө негизги маалымат берилет, анын ичинде: каттоо процессин түшүнүү; досуна же үй-бүлө мүчөсүнө акча жөнөтүү; төлөмдөрдү төлөө жана негизги коопсуздук кесепеттерин түшүнүү. Бул модулду өзүнчө же MISTТтин калган бөлүгү менен кошо окутса болот.

# Бул куралдар топтомунда эмне камтылган?

## Андроид

Андроид колдогон каражаттар дүйнө жүзү боюнча көптөгөн адамдар тарабынан кеңири колдонулат. Бул угуучуларга интернет кызматтарынын толук спектрин алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул модул мурунку модулдардын негизинде түзүлүп, Андроид түзмөктөрү (мисалы, Гугл Assistant) аркылуу жеткиликтүү болгон бир катар "өнүккөн" интернет кызматтарын сунуштайт жана угуучуларга алардын түзмөгүн кантип орнотууну (мисалы, Гугл аккаунтун, анын ичинде жөндөөлөрдү) тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул алардын акчасын үнөмдөйт жана коопсуздугун сактайт.



## Жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөр

Дүйнөдөгү адамдардын болжол менен 15 пайызында майыптыктын кандайдыр бир түрү бар. Бул адамдар билим берүү жана саламаттыкты сактоо сыяктуу кызматтарга жетүү үчүн башка адамдар көрбөгөн тоскоолдуктарга туш болушу мүмкүн. Бирок, уюлдук телефондор бул тоскоолдуктардын айрымдарын жоюуга жардам берип, майыптарга күнүмдүк иштерди жасоого мүмкүнчүлүк берет. Бул модулда көрүү жана угуусу начар адамдарга жардам берүүнү каалаган тренерлер үчүн кеңештер берилет.

## Бул диаграмма тренингде камтылган негизги кызматтардын, функциялардын жана көндүмдөрдүн визуалдык баяндамасын берет.

# Мобилдик интернет

**Ватсап**

Жеке билдирүүлөрдү жөнөтүңүз жана алыңыз
Топторду түзүп, аларга катышыңыз

**Ютуб**

Видео издөө

**Гугл**

Маалыматты издөө жана багыттоо

**Андроид**

Интернеттин өркүндөтүлгөн функциялары. Түзмөктөрдү конфигурациялоо.

**Мобилдик акча**

Мобилдик шаймандар менен финансылык кызматтар

**Википедия**

Акысыз маалыматты издөө жана чабыттоо

**Фейсбук**

Досторуңуз жана үй-бүлөңүз менен байланышыңыз

**Онлайн коопсуздук**

Интернетте коопсуз болуп, мобилдик интернеттин баасын билип алыңыз

**Жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөр**

Интернетте коопсуз болуп, мобилдик интернеттин баасын билип алыңыз

# Бул инструментти кантип колдонсо болот?

## Бул инструменттер топтомун угуучуларыңыз менен канча убакыт өткөргөнүңүзгө жараша ар кандай жолдор менен колдоно аласыз.

---



Угуучулар менен бир эле мезгилде 2-3 мүнөттүк убакыты бар тренерлер үчүн 2-3 мүнөттүк машыгуудан турган "Тестирлөө" тренинги бар. Ар бир сессия бир теманы гана камтыйт жана тандоо үчүн алты тема бар: Интернетке киришүү, Ватсап, Ютуб, Гугл, Википедия, Фейсбук коопсуздук жана нарк.

> Чакан сабактарды кошумча, окууну аяктаган, бирок үйрөнгөндөрү боюнча кыскача маалымат берүүнү каалаган угуучуларды кайра даярдоо курсу катары колдонсо болот .

Бир тиштем маалымат үчүн 11-бетке кайрылыңыз.

---




Угуучулары менен 45-60 мүнөт убакыт өткөргөн тренерлер үчүн төрт «тереңдетилген» тренинг бар. Тереңдетилген тренингдер 45-60 мүнөттүк таанышуу сессиясынан башталат, андан кийин ушундай эле узактыктагы үч мобилдик интернет кызматы боюнча тренингдерди камтыйт. Ар бир мобилдик интернет боюнча тренингдер бир теманы: Ватсап, Ютуб, Гугл, Википедия жана Фейсбук камтыйт. Коопсуздук жана нарк ар бир окуу сессиясында киргизилген.

«Тереңдетилген» тренинг үчүн 42-бетке кайрылыңыз.

# Модулдук окутуу

# Модулдук окутууну кантип колдонсо болот




**Бул бөлүм угуучулар менен иштөөгө 2-3 мүнөт гана убактысы бар тренерлер үчүн. Ал ошондой эле окууну аяктаган, бирок үйрөнгөндөрүн кыскача кайталоону каалаган угуучулар үчүн кайра даярдоо курсу катары колдонсо болот.**

Ар бир сессия бир теманы камтыйт жана тандоо үчүн алты тема бар: Интернетке киришүү, Ватсап,
Ютуб, Гугл, Коопсуздук жана Нарк. Ар бир сессия кызматты түшүндүрүүгө жана телефондо машыгууга багытталган.

# Ар бири окшош түзүлүшкө ээ:

## Бул эмне?

Кызмат тууралуу кыскача түшүндүрмө бериңиз. "Цитата" белгилери тренерлер эмне айта аларын көрсөтүп турат

## Аны кандай колдоно аласыз?

Кызматтын артыкчылыктарын кыскача түшүндүрүп бериңиз. "Цитата" белгилер тренерлер эмне деп айта аларын көрсөтүп турат

## Ал кандай иштейт?

**Ийкемдүү болуңуз!**

"Плакаттарды кантип колдонуу керек" дегенди колдонуп, угуучуларга телефондо кызматты колдонууга жардам бериңиз. Бул сиз берген телефон же угуучунун өз телефону болушу мүмкүн

## Практика кылыңыз!

**Угуучуларга түшүнүктүү мисалдар менен практика кылыңыз**

Бул барак тренерлер мобилдик интернет боюнча угуучулардын суроолоруна жооп берүүгө жардам берүү үчүн иштелип чыккан. Бул, адамдар интернет жөнүндө көп сураган кээ бир суроолорго жөнөкөй түшүндүрмөлөрдү берет. Бул баракты басып чыгаруу пайдалуу болушу мүмкүн. Сиз ошондой эле бул инструменттердин модулдарынын ичинде камтылган мисалдарды таба аласыз.

## Бул эмне?




«Интернет плакатын» көрсөтүңүз (185-бет) «Интернет – бул дүйнө жүзү боюнча миллиондогон компьютерлердин бири-бирине телефон линиялары, спутниктери жана кабелдери менен туташтырылган тармагы. Бул сизге маалыматтын жана кызматтардын чоң спектрин алууга мүмкүнчүлүк берет жана ал ар дайым өсүп жатат. Интернет бардыгы үчүн. Аны ким колдоно ала турганына эч кандай чектөөлөр жок. Сизге жөн гана компьютер, уюлдук телефон же планшет жана мобилдик интернет байланышы керек».

## Аны кандай колдоно аласыз?

«Интернет сизге көп нерселерди жасоого жардам берет. Мисалы, сиз билдирүүлөрдү жөнөтүп, досторуңуз жана үй-бүлөңүз менен сүйлөшө аласыз, сүрөттөрдү жөнөтө аласыз, видеолорду көрө аласыз, музыка уга аласыз, бир нерселерди сатып алып, сата аласыз жана акча которо аласыз. Ал ошондой эле жаңылыктар, аба ырайы, көңүл ачуу, транспорт графиги, дин же спорт сыяктуу дээрлик бардык темалар боюнча маалыматты табууга жардам берет. Эгер сиз жумуш издеп жатсаңыз, ден соолук боюнча кеңешке муктаж болсоңуз же жаңы шык үйрөнгүңүз келсе, бул үчүн да ал сизге жардам берет».

Тренер Интернеттин өзүнө кандайча жардам бергени тууралуу жеке мисалдарын кошо алат.

**Аны угуучуга тиешелүү кылыңыз:** анын угуучунун жашоосуна кандай пайдасы бар экенин талкуулаңыз.

## Бул кандай?

### Интернетке кирүү үчүн уюлдук телефондун эки түрүн колдоно аласыз





1. **Смартфон:** Бул телефондор мини компьютерлерге окшош. Адатта, сиз аларды баскычтарды эмес, экранга тийүү менен башкарасыз. Алар сүрөткө тартып, музыка жана видеолорду ойной алышат жана сизди интернет кызматына тез кошо турган "тиркемелерге" ээ.

2. **Функцияналдуу телефон:** Бул смартфондорго караганда азыраак функцияларга ээ. Алардын экраны жок, бирок сиз музыка угуп, сүрөткө тарта аласыз. Сиз каалаган онлайн кызматтарды колдонуу үчүн браузерден интернетке кире аласыз.

## Маалымат чыгымдары




"Уюлдук телефонуңуз аркылуу интернетке кирүү үчүн сиз мобилдик маалымат байланышын же Wi-Fi байланышын колдонсоңуз болот." "Маалымат постерин" көрсөтүү зарыл

«Адатта, сиз телефонуңузда интернетти колдонгондо, сиз мобилдик интернетти колдоносуз. Сиз муну жергиликтүү мобилдик операторлордон же телефон саткан дүкөндөн сатып алышыңыз керек.

Интернетте кылган кээ бир кыймылыңыз, мисалы, видео көрүү же музыка угуу, көбүрөөк трафикти талап кылат, ошондуктан сизге көбүрөөк акча кетет."

## Бул эмне?

WhatsApp

**Телефондон** Ватсап **ты көрсөтүңүз**

"Ватсап - бул СМС жөнөтүү сыяктуу кызмат, анда үн билдирүүлөрүн, сүрөттөрдү жана ар кандай группаларга билдирүү жөнөтө аласыз."

"Ватсап мобилдик интернетти колдонот, андыктан билдирүүлөрдү жөнөтүү арзаныраак болот жана сиз жазышып жаткан адамдын алыс аралыкта болсо деле ал бааны өзгөртпөйт. Мисалы, эгерде сиздин башка өлкөгө көчүп кеткен үй-бүлө мүчөңүз же досуңуз болсо, аларга Ватсап аркылуу жазсаңыз, чалсаңыз болот жана алар кошуна бөлмөдө болсо деле бул кошумча чыгымды талап кылбайт.

## Сизге керек болуучу материалдар



Смартфон аппараттары




Ватсап плакаттары

## Аны кандай колдоно аласыз?

"Сиз аны үй-бүлөңүз жана досторуңуз менен оңой байланышта болуу үчүн колдоно аласыз."

"Сиз аны бизнес өнөктөштөрүңөр/ кесиптештериңер /классташтарыңар/ кардарларыңар менен байланышуу: өнүмдөрдү жарнамалоо, кеңештерди бөлүшүү, класстан маалыматты же тапшырмаларды талкуулоо үчүн колдоно аласыз."

Тренер Ватсаптын артыкчылыктары жана аны эмне үчүн колдонсо болоору тууралуу өзүнүн жеке мисалдарын кошо алат.

**Аны угуучуга тиешелүү кылыңыз:** анын угуучунун жашоосуна кандай пайдасы бар экенин талкуулаңыз

## Ал кандай иштейт?

**Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериңиз**




**Ватсапты кантип колдонуу керек - ар бир кадамды аткаруу**

Плакатты көрсөтүңүз жана жөнөтүү үчүн кадамдардан өтүңүз: текст / сүрөт / үн билдирүү.




**Ватсапты - топтук билдирүүлөрдө кантип колдонсо болот**

Плакатты көрсөтүп, топтук чатты баштоо үчүн кадамдарды карап көрүңүз.

## Практика кылыңыз!

**"Эми сиз Ватсапты кантип колдонууну билесиз, аны эмне үчүн колдонгуңуз келет?"**

**Тренер:** Студенттин телефонундагы байланыштарга Ватсап билдирүүлөрүн жөнөтүүгө жардам бериңиз.

**Кеңеш: "WhatsApp көп мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мисалы, сиз WhatsApp аркылуу адамдарга чала аласыз же кайда экениңизди билиши үчүн WhatsAppтагы байланыштарыңыз менен картада жайгашкан жериңизди бөлүшө аласыз.**

**Түшүндүрүү: WhatsAppка окшош билдирүү кызматтары бар. Аларга Messenger, WeChat, Viber жана да башкалар кирет.**

## Бул эмне?

**Телефонуңуздан Ютубду көрсөтүңүз**

"Ютуб сизге сыналгы сыяктуу видеолорду көрүүгө мүмкүнчүлүк берет, бирок сиз кайсыл видеолорду жана качан көрүүнү тандай аласыз."

"Сиз Ютубга кандай видеолорду көргүңүз келгенин жазасыз, ал сиз каалаган видеолордун түрлөрүн табуу үчүн адамдар Ютубга койгон бардык видеолорду издейт."

## Сизге керек болуучу материалдар



Смартфон аппараттары




Ютуб плакаттары

## Аны кандай колдоно аласыз?

«Сиз көптөгөн ар кандай видеолорду, тасмаларды, ырларды, жаңылыктарды, спортту, рецепттерди, билим берүүчү нерселерди көрө аласыз. Ошондой эле көптөгөн "кантип" видеолору бар, мисалы: тилди кантип үйрөнүү керек, кантип бийлесе болот, тамакты кантип жасаса болот, велосипеддин дөңгөлөктөрүн кантип ондойт...”

"Сиз ошондой эле өз видеолоруңузду тартып, аларды Ютуб аркылуу бөлүшө аласыз."

Тренер Ютубдун артыкчылыктары жана аны эмне үчүн колдонсо болоору тууралуу өзүнүн жеке мисалдарын кошо алат.

**Аны угуучу үчүн ылайыктуу кылыңыз:** Ютуб угуучунун жашоосунда кандайча пайдалуу болоорун талкуулаңыз.

## Ал кандай иштейт?

**Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериңиз**




**Плакатты көрсөтүп,** жөнөкөй видео издөө үчүн кадамдарды аткарыңыз (мисалы, популярдуу жергиликтүү ырды издөө).

**“Микрофонду”** үн менен издөө үчүн колдонсо болот. Эч кандай текстти терүүнүн кереги жок.

**Микрофонду көрсөтүңүз:** ал кайда жайгашкан жана аны кантип колдонуу керек.

## Практика кылыңыз!

**"Эми сиз Ютуб жөнүндө билгенден кийин, аны эмне үчүн колдонууга кызыгасыз?"**

Студентке алардын кызыгуусуна жараша издөө үчүн ачкыч сөздөрдү бериңиз (издөөнү жөнөкөй кылууга аракет кылыңыз, 1-2 гана сөздү колдонуңуз).

**Кеңеш:** YouTube видеолор үчүн эң сонун, бирок интернет YouTube'дан чоңураак! Интернетте дагы көп маалыматтар бар. Эгер сиз бүтүндөй интернетти изилдегиңиз келсе, "Google Издөө" нү колдонсоңуз болот.

**Түшүндүрүп бериңиз:** YouTube сыяктуу, адамдарга видеолорду жүктөп жана көрүүгө мүмкүнчүлүк берген башка кызматтар да бар. Мисалы, аларга Daily Motion жана Vimeo кирет.

## Бул эмне?

**Телефонуңуздан “Гугл Издөө” нү көрсөтүңүз**

“Гугл Издөө” сизге керектүү маалыматты табууга жардам берет. Сиз Гугл'га кандай маалыматты тапкыңыз келгенин айтасыз, мисалы: "Дүйнөдөгү калктын саны канча" десеңиз ал сиз каалаган нерсени табуу үчүн, бул боюнча адамдар интернетке киргизген бардык маалыматты издейт.

## Сизге керек болуучу материалдар



Смартфон аппараттары




Гугл плакаттары

## Аны кандай колдоно аласыз?

"Сиз жумуш, тамак жасоо рецепттери, тасмалар, ырлар, жаңылыктар же мектеп жана колледж үчүн маалымат ала аласыз."

«Маалыматты табуу үчүн эч жакка баруунун кереги жок; мунун баары сиздин телефонуңузда интернетте жеткиликтүү».

Тренер Гугл'дун артыкчылыктары жана аны эмне үчүн колдонгону боюнча өзүнүн жеке мисалдарын келтирет.

**Аны үйрөнүүчүгө ылайыктуу кылыңыз:** Гугл Издөө стажердун жашоосунда кандайча пайдалуу болоорун талкуулаңыз.

## Ал кандай иштейт?

**Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериңиз**




**Плакатты көрсөтүп,** жөнөкөй издөө үчүн кадамдарды басып өтүңүз.
Мисалы: белгилүү жергиликтүү орунду же атактуу адамды издөө.

Түшүндүрүү: **“Микрофон”** үн менен издөө үчүн колдонулат. Эч кандай текстти терүүнүн кереги жок.

**Микрофонду көрсөтүңүз:** ал кайда жайгашкан жана аны кантип колдонуу керек.

## Практика кылыңыз!

**"Эми сиз Гугл жөнүндө билгенден кийин, аны эмне үчүн колдонууга кызыгасыз?"**

Угуучуга кызыгуусуна жараша издөө үчүн ачкыч сөздөрдү бериңиз (Издөөнү жөнөкөй кылууга аракет кылыңыз, 1-2 гана сөздү колдонуңуз)

**Кеңеш:** “Интернетте көптөгөн соонун маалыматтар бар, бирок кээ бирлери анчалык деле кызыктуу эмес, кээ бирлери чындыкка дал келбейт. Издеп жаткан нерсеңизге эң жакшы жооп алуу үчүн эң аз дегенде 2-3 булакты карап чыкканыңыз жакшы».

**Түшүндүрүп бериңиз:** Google'га окшош башка кызматтар бар, алар да издөөгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы аларга Yahoo жана Bing кирет.

## Бул эмне?

ВикипедиЯ
*Свободная энциклопедия*

**Телефонуңуздан ВИКИПЕДИЯны көрсөтүңүз**

«Википедия – бул билим берүү темалары боюнча нейтралдуу, фактылуу маалыматтарды берген акысыз интернет маалымдамасы (же энциклопедия). Бул көбүнчө Гугл'да издегениңизде пайда болгон биринчи сайт же сиз издеп жаткан сөздөр менен бирге "wiki" деген сөздү терсеңиз болот."

«Википедияны бүткүл дүйнө жүзүндөгү карапайым адамдар жазат. Адамдар ар бир саат сайын сайтка өзгөртүүлөрдү киргизет. Маалымат булактары көрсөтүлгөн ар бир беттин ылдый жагындагы булактарды карап, сиз тапкан маалыматтын ишенимдүү экенине ынанууга болот."

## Сизге керек болуучу материалдар



Смартфон аппараттары




Википедия постерлери

## Аны кандай колдоно аласыз?

"Сиз Википедияны көптөгөн ар кандай темаларды издөө үчүн колдоно аласыз. Мисалы, спорт, музыка, тарых, башка өлкөлөр же илим жөнүндө маалымат издей аласыз."

«Википедия дээрлик 300 тилде жеткиликтүү. Ар бир маалымат ошол тилде сүйлөгөн адамдар тарабынан жазылган, ошондуктан кээ бир Википедияларда башкаларга караганда көбүрөөк макалалар бар. Мисалы, Киняруанда Википедиясында 2000 макала, ал эми англисче Википедияда 5 миллиондон ашык макала бар».

Түшүндүрүңүз: Тренер Википедиянын артыкчылыктары жана аны эмне үчүн колдонгону тууралуу жеке мисалдарын келтирсе болот.

**Аны угуучуга тиешелүү кылыңыз:** ал үйрөнүүчүгө кандайча пайдалуу болоорун **талкуулаңыз**

## Ал кандай иштейт?

**Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериниз**




Википедия ны кантип колдонсо болот
Плакатты көрсөтүңүз жана Википедия макаласын издөө кадамдарынан өтүңүз
(мисалы: Руанда, музыка же Дүйнөлүк кубок).

## Практика кылыңыз!

**"Эми сиз Википедияны кантип колдонууну билесиз, аны эмне үчүн колдонгуңуз келет?"**

**Тренер:** Угуучунун телефонунан Википедия макаласын издөөгө колдоо көрсөтүңүз.

**Кеңеш:** "Википедия дээрлик 300 тилде жеткиликтүү. Ар бир макала ошол тилде сүйлөгөн адамдар тарабынан жазылган, ошондуктан кээ бир Википедияларда башкаларга караганда көбүрөөк макалалар бар. Мисалы, суахили тилиндеги Википедияда 35 000ге жакын макала, ал эми англисче Википедияда 5 миллиондон ашык макала бар».

**Түшүндүрүү:** Интернетте издөө үчүн Google же Yahoo сыяктуу кызматтарды колдонгондо биринчи Википедия чыгышы мүмкүн. Көбүнчө Википедия издөөнүн биринчи натыйжасы болуп саналат. Тема боюнча ишенимдүү так маалымат алуу үчүн адегенде Википедияны карап, андан кийин башка шилтемелер аркылуу өтүп изилдесеңиз болот."

## Бул эмне?

### Телефонуңуздан Фейсбукту көрсөтүңүз

«Фейсбук сизди жамаатыңыздагы жана дүйнө жүзүндөгү адамдар менен байланыштырат. Сиз аны бизнес өнөктөштөрүңүз менен кат алышуу, жаңылыктарды алуу, үй-бүлөңүз жана досторуңуз менен байланышта болуу же сүйүктүү атактуу адамдарга жана спорттук командаларыңызга көз салуу үчүн колдоно аласыз.

"Сөздөрдү, сүрөттөрдү жана видеолорду колдонуу менен сиз бир адам, адамдардын тобу же дүйнө жүзү боюнча адамдар менен баарлаша аласыз."

## Сизге керек болуучу материалдар



Смартфон аппараттары




Фейсбук плакаттары

## Аны кандай колдоно аласыз?

"Сиз аны үй-бүлөңүз жана досторуңуз менен, каалаган шаарда же айылда байланышта болуу, жергиликтүү жана дүйнөлүк жаңылыктарды окуу жана жаңылыктардан кабардар болуу же сүйүктүү атактууларыңыз же спорттук командаларыңыз боюнча жаңылыктарды алуу үчүн колдоно аласыз."

"Ошондой эле сиз өзүңүздүн сүрөттөрүңүздү, видеолоруңузду жана ойлоруңузду бардык досторуңуз же бир нече гана досторуңуз менен бөлүшө аласыз."

**Аны угуучуга тиешелүү кылыңыз:** мисалдарды келтириңиз жана анын угуучунун жашоосунда кандай пайда алып келерин талкуулаңыз.

Мисал: Достор менен сүрөттөрдү бөлүшүү, жаңылыктарды табуу же бизнес үчүн жаңы адамдар менен байланышуу.

## Ал кандай иштейт?

# Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериңиз




1) Фейсбукка кириңиз




2) Аккаунтту каттаңыз




3) Досторду




4) "Жактыруу" Атактуулар, Спорт жана жаңылыктар




5) Текст же сүрөттөрдү жайгаштырыңыз

Угуучуга Фейсбукту жүктөп алууга жана аккаунтун каттоого жардам бериңиз.

Алардан эмнени көбүрөөк кызыктырарын сураңыз - мисалы: алар билгиси келген нерсе, жумуш издөө мүмкүнчүлүктөрү, спорт/көңүл ачуу же алардын бизнеси - негизги убакытыңызды алар үчүн эң маанилүү нерсеге буруңуз.

## Практика кылыңыз!

**"Эми сиз Фейсбукту кантип колдонууну билесиз, аны эмне үчүн колдонгуңуз келет?"**

**Тренер:** Угуучуга жогорудагы плакаттардын бирин жасап көрүсүнө колдоо көрсөтүңүз.

**Түшүндүрүп бериңиз:** “Фейсбукка киргизген маалыматты ким көрө аларын сиз көзөмөлдөйсүз. Постту коомчулукка (Фейсбукту колдонгондордун бардыгына) же чектелүү гана досторуңузга көрсөтсөңүз болот.

## Бул эмне?

"Интернеттен көптөгөн сонун нерселерди алса болот, бирок интернет дүйнө жүзү боюнча бардык адамдар үчүн ачык экенин эстен чыгарбоо керек, андыктан ага чыныгы жашоодогу коомдук жайдай (мисалы, базар) мамиле кылуу жана коопсуздукка маани берүү зарыл».

## Сизге керек болуучу материалдар



Смартфон аппараттары




Коопсуздук плакаттары

## Аны кандай колдоно аласыз?

"Интернеттеги коопсуздук боюнча пайдалуу кеңештер" баракчасын таратыңыз

“Коомдук жайлардагыдай” эле, сиз:
Жеке маалыматыңызды купуя сактоого (мисалы, ким экениңизди, жашаган жериңизди, сыр сөздөрүңүздү) тоскоол болгон
сиз таанбаган же тынчыңызды алган адамдарды этибарга албаңыз же "Бөгөт" коюңуз.

Интернеттен көргөн нерселерден өзүңүздү ыңгайсыз сезип жатсаңыз, тааныган жана ишенген адам менен бөлүшсөңүз болот.

Адамдарга сылык-сыпаа, урмат-сый менен мамиле кыл, алардын тынчын алба»

Тренер: Убактыңыз болсо, ар бир кеңешке өзүңүздүн мисалыңызды келтириңиз

# Коопсуздукту кантип сактаса болот?

Угуучудан кайсы кызматта коопсуз болууну үйрөнүүнү каалаларын сураңыз (Ватсап, Ютуб, Википедия, Фейсбук, KaiOS, Андроид же мобилдик акча).

**Төмөндө айтылгандарды аткарыңыз:**

**Ватсап**: "Эгер сиз тааныбаган адам сизге Ватсап аркылуу жазса же тынчыңызды алса жана сиз жазышууну каалабасаңыз, алар сиз менен кайра байланыша албашы үчүн аларды "бөгөттөңүз".
**"Кантип бөгөттөө керек"** плакатын көрсөтүп, кадамдарды көрсөтүңүз.

---

**Ютуб**: "Эгер сиз Ютубдагы видеолорду көрүп жатканда жаман же адепсиз видеолорду көрсөңүз, мурунку бетке кайтып барып, издөөңүздү тактап, башка видеолорду издесеңиз болот."

**Муну Ютубда көрсөтүңүз**: Артка баскычын басыңыз, издөө кутучаңыздагы ачкыч сөздөрдү алмаштырып жана ар кандай башка ачкыч сөздөрдү колдонуу менен издөөнү улантыңыз.

---

**Википедия**: “Эгер сиз Википедияда болсоңуз, анда бардык маалымат дүйнө жүзүндөгү адамдардан! Анын туура экенине ынануу үчүн анын кайдан келип чыкканын текшерүү керек экенин унутпаңыз».

**Муну Википедияда көрсөтүңүз**: Википедия бетинин ылдый жагындагы булактардын жана шилтемелердин тизмесин угуучуларга көрсөтүңүз.

**Фейсбук**: "Эгер сиз Фейсбукта болсоңуз, профилиңизди ким көрөрүн жана сиз менен ким байланыша аларын өзгөртө аласыз."

**Муну Фейсбукта көрсөтүңүз**: Угуучуларга өз баракчаларында сыр сактоо буйрутмаларын кайдан жасоону, алардын профилдерин ким көрө алаарын, достошууга сураныччтарды жана алар менен кимдер байланыша аларын тууралоону көрсөтүңүз.

**Андроид**: "Эгер сиз Андроид телефонуңузду бир канча убакыт колдонбосоңуз, ал батареяны үнөмдөө үчүн экранды өчүрөт. Башка адамдар телефонуңузду таап алса, аны колдоно албашы үчүн сырсөздү түзүү маанилүү."

**Муну Андроид телефонунда көрсөтүңүз**: Угуучуга анын коопсуздугу үчүн түзмөгүндө PIN/өткөрүүчү кодду кантип орното аларын көрсөтүңүз.



**Мобилдик акча**: "Сиздин" PIN коддуңуз" сиздин жеке кодуңуз экенин унутпаңыз. Каттоо эсебиңизге кантип кире турганыңыз үчүн муну коопсуз сактооңуз абдан маанилүү. Бул номерди кимдир бирөө менен, атүгүл мобилдик акча агенттери же кардарларды тейлөө кызматкерлери менен, SMS же мобилдик интернет аркылуу бөлүшүүдөн этият болуңуз!”

**Муну мобилдик акча кызматынын мисалында көрсөтүңүз**: Кадимки мобилдик акча которууда (мисалы, досуңузга же үй-бүлө мүчөсүнө акча жөнөтүүдө) PIN код кантип колдонуларын көрсөтүңүз.

## Бул эмне?

“Телефонуңузда интернетти колдонгон сайын, сиз "маалыматтарды" колдоносуз. Бул мобилдик тармактан маалыматтарды сатып алуу керек дегенди билдирет. Интернеттеги кээ бир иш-аракеттер көбүрөөк маалымат колдонот, андыктан аны аткарууга көбүрөөк чыгым кетет."

“Сиз интернет үчүн маалыматтарды сатып ала аласыз; бул чалуулар жана билдирүүлөр үчүн телефон кредитин сатып алуу сыяктуу. Интернетке берилүүчү маалыматтарды жергиликтүү мобилдик тармак агентинен же телефондун кредиттик сатуучусунан сатып алса болот.

Кээде интернет-маалыматтарды “маалымат ваучерлеринен” же "дата карталарынан" сатып алса болот, аларды мобилдик интернетиңизди өзүңүз толуктоо үчүн колдоно аласыз."

## Сизге керек болуучу маалыматтар



Смартфон аппараттары




Нарк плакаты

## Маалыматтар эмнени колдонот?

**Нарк плакатын көрсөтүү**

«Ар кандай иш-чаралар ар кандай көлөмдөгү маалыматтарды колдонот. Текстти кароодо эң аз маалымат керектелет, сүрөттөрдү кароодо көбүрөөк керектелет, музыка ойнотуу жана жүктөө, стикерлер жана рингтондор дагы көбүрөөк колдонот жана видеолорду жүктөп алуу жана көрүү эң көп колдонот. Видеолор башка интернет колдонууга караганда көбүрөөк маалымат колдонот."

"Кээ бир интернет кызматтары көбүрөөк маалымат колдонгон иш-аракеттерге байланыштуу: мисалы Ютуб'да видеолорду көрүү көп маалыматты колдонот. Гугл да текстти жана сүрөттөрдү көрүү үчүн азыраак чыгым болот, бирок видеолорду көргөнүңүздө кымбатыраак болот.

"Программалык камсыздоо жаңыртуулары да маалыматтарды колдонот, ошондуктан акча талап кылынат" деп түшүндүрүңүз.

## Сиз маалымат чыгымдарыңызды кантип текшере аласыз?

### Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериңиз

"Канча колдонгонуңузду жана ар кандай иш-аракеттердин баасы канча экенин түшүнүү үчүн маалыматыңызды текшерүү пайдалуу"

"Уюлдук тармактан телефонуңузга кодду терүү менен канча мүнөт же тексттер бар экенин текшергендей, сизде канча маалымат бар экенин текшере аласыз."

Угуучуга маалыматтарды кантип текшерүү керектигин көрсөтүңүз. Бул кайсы өлкөдө жана кайсы тармакта экениңизге жараша айырмаланат. Жардам керек болсо, мобилдик агенттен сураңыз.

**Кеңеш:** "Интернетти эмне үчүн колдоно турганыңызга жараша, маалыматты ар кандай өлчөмдө сатып алсаңыз болот. Кайсы сумма сизге ылайыктуу экендиги боюнча жергиликтүү мобилдик агентиңизден кеңеш сураңыз».

## Бул эмне?

**Негизги функцияларды көрсөтүүчү менюну ачып, мобилдик акча кызматы бар уюлдук телефонду көрсөтүңүз.**

## Сизге эмне керек



Мобилдик телефон




Мобилдик акча плакаттары

## Аны кандай колдоно аласыз?

**Түшүндүр:**

“Мобилдик акча эсеби” телефондогу капчыкка окшош. Мобилдик акча менен сиз адамдарга акча жөнөтө аласыз жана ала аласыз, ошондой эле банк эсебиңиз жок эле телефонуңуз аркылуу төлөмдөрдү жүргүзө аласыз! Мобилдик операторуңузга жараша, сиз төлөмдөрдү төлөө, акча сактоо же карыз алуу сыяктуу көптөгөн иштерди аткара аласыз.

Мобилдик акча канчалык пайдалуу болгону тууралуу өзүңүздүн (тренердин) жашооңуздан мисалдар менен бөлүшүңүз.

Бул угуучуга өз жашоосунда кандай пайда алып келерин талкуулоо менен аны үйрөнүүчүгө тиешелүү кылыңыз.

# Ал кантип иштейт?

## Телефонду угуучуларга берип (же угуучулардын телефонун колдонуңуз) жана аларга төмөнкү кадамдарды аткарууга жардам бериңиз

**Угуучуга досуна кантип акча жөнөтө аларын көрсөтүп бериңиз Плакат.**

**Кеңеш:** Окуу сессиясынын башында кимде мобилдик акча эсеби бар экенин текшериңиз. Эгер мобилдик акча эсеби жок угуучулар болсо, аларды каттоо процессинен өтүүгө жардам бериңиз (чоо-жайын "Тереңирээк" бөлүмүнөн караңыз).




**“Сенин телефонуңдан досуна акча жөнөтүү» деген плакатты колдонуңуз.**

**Түшүндүрүп бериңиз:** "Мен азыр досуңузга телефонуңуз аркылуу кантип акча жөнөтө аларыңызды көрсөтөм."

**Суроо бериңиз:** “Эгер сиз өзүңүздүн эсебиңизди колдонуп акча жөнөткүңүз келсе, биз муну жасай алабыз! Же мобилдик акча эсебиңизде акчаңыз жок болсо же аны азыр жөнөткүңүз келбесе, сиз келечекте билип алуңуз үчүн мен анын кантип жасаларын көрсөтүп берем."

## Ал кандай иштейт?

- Сиздин мобилдик операторуңузда мобилдик акча кызматынан пайдалануу үчүн кыска номер болот. Ал *123# сыяктуу. Аны териңиз жана "чалуу" баскычын басыңыз.
- Сиз экранда параметрлердин тизмесин аласыз (мисалы, 1,2,3,4,5…). Сиз "которуу"/"жөнөтүү" кнопкасы тандооңуз керек. Бул адатта 1 саны (жогорку жагында). Телефонуңуздун клавиатурасында 1 баскычын басып, жылдырыңыз, андан кийин "тандоо/макул" кнопкасын басыңыз.
- Акча жөнөткүңүз келген досуңуздун же үй-бүлө мүчөсүнүн телефон номерин териңиз. "Тандоо / макул" баскычын басыңыз.
- Эми досуңузга же үй-бүлө мүчөсүңүзгө жөнөткүңүз келген акчанын суммасын териңиз (мисалы, 100). "Тандоо / макул" баскычын басыңыз.
- Жеке PIN номериңизди териңиз. Бул сиз тандаган өзгөчө номер жана сиз гана билесиз. Бул аккаунтуңузду коргоого жардам берет. Татаал PINди тандаңыз! "Тандоо / макул" баскычын басыңыз.
- Акыр-аягы, сиз бул акчаны жөнөткүңүз келгениңизди "тастыктоо" үчүн 1 баскычын басышыңыз керек. "Тандоо / макул" баскычын басыңыз. Куттуктайбыз! Сиз досуңузга же үй-бүлөңүзгө акча жөнөттүңүз!

**Кеңеш:** Эгерде стажер эч кандай акча жөнөткүсү келбесе, анда аларга чындап акча жөнөтпөй эле жасап көрсө болоорун көрсөтүңүз.

## Практика кылыңыз!

**"Эми биз мобилдик акча аркылуу кантип акча жөнөтүүнү көрдүк, сиз кимге акча жөнөтө аласыз?"**

**Тренер:** Угуучуларга өз алдынча акча жөнөтүү процессин жүргүзүүгө уруксат бериңиз. Алар кандайдыр бир баскычта жардамга муктаж болсо, анда аларга жардам бериңиз.

**Кеңеш:** Сиздин "PIN номериңиз" сиздин жеке номериңиз экенин унутпаңыз. Каттоо эсебиңизге кирүү үчүн муну коопсуз сактооңуз абдан маанилүү. Бул номерди кимдир бирөө менен, жада калса мобилдик акча агенттери же кардарларды тейлөө кызматкерлери менен, SMS же интернет аркылуу бөлүшүүдөн этият болуңуз!

## Бул эмне?

**Түшүндүрүү:**
«Смартфон – бул кичи компьютерге окшош, аны сиз баскычтарды эмес, экранга тийип башкарасыз. Алар сүрөткө тартып, музыка жана видеолорду ойното алышат жана телефонуңуз менен интернеттин эң сонун мүмкүнчүлүктөрүнөн ырахат алууга жана көп нерсени кылууга жардам бере турган колдонмолорго ээ. Андроид иштетилген түзмөктөр дүйнө жүзү боюнча эң популярдуу смартфондор. Андроид иштетилген телефонуңуз сизге интернетке тез кирүүгө мүмкүнчүлүк берет, андыктан аны Гуглдан керектүү маалыматты издөө, Ютубда видеолорду көрүү жана сүрөттөрдү бөлүшүү үчүн колдоно аласыз."

## Керек болуучу материалдар



Мобилдик телефон




Андроид плакаты

## Аны кандай колдоно аласыз?

**Түшүндүрүү:** "Андроид смартфону интернетке кирүүгө жардам берет. Бул сиз акыркы жаңылыктарды жана маалыматты издеп, досторуңуз менен сүрөттөрдү бөлүшө аласыз жана сүйүктүү музыкаңыздан жана спортуңуздан ырахат ала аласыз дегенди билдирет. Бул ошондой эле сиз Гугл Карталар аркылуу картаны алып, кийинки көздөгөн жериңизге эң жакшы жолду тандай аласыз же Ютубда жаңы жөндөмдү үйрөнө аласыз дегенди билдирет."

Өзүңүздүн жашооңузда смартфондор сиз үчүн кандай пайдалуу болуп жаткандыгы тууралуу мисалдар менен бөлүшүңүз.

Бул угуучунун өз жашоосунда кандай пайда алып келерин талкуулоо менен аны угуучуга тиешелүү кылыңыз.

## Ал кандай иштейт?

**Телефонду алып угуучуга ар бир кадамды аткарууга жардам бериңиз**

Тренер: Play Store дон колдонмону кантип жүктөп ала аларын көрсөтүңүз.




"Play Store дон Колдонмону жүктөп алуу” плакаты.

## Практика кылыңыз!

**"Эми сиз Play Stor дон колдонмолорду жүктөй аласыз, сиз кандай колдонмолорго кызыгасыз?"**

**Көрсөтүңүз:** Угуучуга Play Stor дон колдонмо жүктөп алууга жана аларды колдонууга жардам бериңиз. Эгер алар кандай тиркемеге кызыкдар экенин билбесе, аларга бир нече кеңеш бериңиз (мисалы, спорт, аба ырайы, тил үйрөнүү, музыка).

**Кеңеш:** Телефонуңузда Колдонмо жүктөлгөн болсо, ал сиз аны жок кылганга чейин ошол жерде кала берет. Аны жүктөө үчүн ар дайым Play Stor го кирүүнүн кереги жок.

# Начар көргөн же азиз адамдар үчүн жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөр

## Бул эмне?

**Түшүндүр:**
“Кээ бир начар көргөн же азиз адамдар үчүн экранда эмне бар экенин көрүү кыйын болушу мүмкүн. Телефондо аларга жардам бере ала турган өзгөчөлүктөр бар. Биз алардын муктаждыктарына ылайыктуу ар кандай варианттарды көрсөтүшүбүз керек. Көбүнчө адамдар “Өзгөчөлүктөр” комбинациясын колдонушат”.

## Сизге керек болуучу материалдар



Мобилдик телефон




Андроид плакаты

## Аны кандай колдоно аласыз?

**Түшүндүр:** «Уюлдук телефонуңузду көрө албасаңыз, ал сизге жардам берет. Мунун үч жолу бар:"

- **Чоңойтуу (экрандагы нерселерди чоңойтуу):** “Чоңойтуу – бул телефонуңуздагы нерселердин баарын чоңойтуучу функция. Көп адамдар кичинекей нерселерди көрүүгө жардам берүү үчүн чоңойтууну колдонушат. Көрүүсү начар адамдар үчүн бул экранда эмне бар экенин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет."

«Майкл күн сайын жаңылыктарды окуу үчүн чоңойтууну колдонот. Ал тексттин көлөмү нормадан 3 эсе көп болсо, окуяларды окуу оңой деп эсептейт».

- **Телефонду үн чыгарып сүйлөөтүү:** "'TalkBack' бул экранды көрбөй эле телефонуңузду уга аласыз. Телефонуңузда бир нерсе кылсаңыз, ал сиз менен сүйлөшүп, эмне болуп жатканын айтып турат. Ал ошондой эле титиреп, эмне болуп жатканын кабарлайт».

"Аиша телефонунда ар дайым чоңойтууну (экранды чоңойтуп) колдончу, бирок жакында бул анын көзү бир нече сааттан кийин ооруп жатканын байкаган жана мындай болгондо TalkBackти колдонот."

- **Түстөрдү жана контрасттарды өзгөртүү:** "Кээ бир адамдарга экрандагы нерселерди окууну кыйындаткан түстөрдү жана контрасттарды көрүү кыйынга турат. Колдонууну жеңилдетүү үчүн телефондордун түсүн өзгөртсөңүз болот».

«Сюзан WhatsApp же электрондук почта аркылуу жазгандарын оңой окуу үчүн жогорку контрасттуу дисплей жөндөөлөрүн колдонот. Ал мындай учурда каталарды азыраак кетирерин билет».

## Ал кандай иштейт?

- Адамдан телефонун эмне кылгысы келерин **сураңыз.**
- **Тренер** угуучунун телефонунда атайын мүмкүнчүлүктөр орнотулганын текшерет.

# Угуусу начар же дүлөй болгон адамдар үчүн жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүктөр

## Бул эмне?



**Түшүндүр:**
«Телефонду угуусу начар же кулагы укпаган адамдар да колдоно алышат. Башкалар сыяктуу эле уюлдук телефондор да ушундай өзгөчөлүктөргө ээ адамдарга жардам бере алат."

## Сизге керек болуучу материалдар



Мобилдик телефон




Андроид плакаты

## Аны кандай колдоно аласыз?

**Түшүндүр:** «Эгер сиз укпасаңыз уюлдук телефонуңуз сизге жардам берет. Мунун үч жолу бар:"



- **Күчөтүү:** "Эгер сизге айланаңыздагы адамдар эмне деп жатканын угуу кыйын болсо, сизге бул учурда Андроид телефонуңуз жардам берет. "Үн күчөткүч" деп аталган нерсе бар, ал сиз үчүн үндөрдү айкыныраак кылат."

"Эндрю кафеде адамдар менен сүйлөшүп жатканда" Үн күчөткүчтү "колдонот, бул ага башкалар эмне айтып жатканын айкыныраак угууга мүмкүндүк берет, анткени бул фондогу ызы-чууларды азайтат".



• **Коштомо жазуулар:** "Телефонуңуздан видеону же аудиону угуп/көрүп жатканда, "коштомо жазууларды" күйгүзсөңүз болот. Экранда эмне деп айтылып жатканын бул сөздөрдөн көрө аласыз дегенди билдирет. Адамдарга ырды же клипти угуу кыйынга турса, бул абдан пайдалуу».

«Сандра видео чалууларда коштомо жазууларды колдонот. Ал көп учурда коштомо жазуулар ага сөздөрдү угуу кыйын болуп калганда, чакырууга көңүл бурууга жардам берерин байкайт».



• **Транскрипция:** "'Түз транскрипция" коштомо жазууларга окшош. Бул адамдар сүйлөшүп жатканда, алар эмне деп жатканын экрандан текстти көрө аласыз дегенди билдирет. Укпаган же чала уккан адамдар үчүн "Түз транскрипция" абдан пайдалуу болушу мүмкүн."

"Сахид угуу аппаратын телефонуна туташтырат, бул Ватсап аркылуу бир тууганы жана эжеси менен сүйлөшкөндө, анын сүйлөгөндөрүн бир топ так түшүнүүгө жардам берет."

## Ал кандай иштейт?

- Адамдан телефонун эмне кылгысы келерин **сураңыз.**
- **Тренер** угуучунун телефонунда атайын мүмкүнчүлүктөр орнотулганын текшерет.

# Тереңдетилген окуу

# Тренингди кантип долбоорлоо керек

Бул терендетилген тренингти ишке ашыруу боюнча сунуштар.

## 1. Топтук сессиялар

Эркектер менен аялдарды өзүнчө топторго бөлүңүз. Бул гендердик кызыкчылыктарды жана көйгөйлөрдү ачык талкуулоо үчүн жакшы мүмкүнчүлүк берет.

## 2. Чакан топтор

Катышуучуларды 6 адамдан ашпаган чакан топторго бөлүңүз. Ар бир топту колдоо үчүн бирден тренерди бериңиз. Бул студенттерге практикалык тажрыйбага ээ болууга, өз ара билим алууга жана бири-бирине колдоо көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

## 3. Чеберлик деңгээли боюнча топтор

Окшош билими жана тажрыйбасы бирдей студенттер менен топторду бириктириңиз. Студенттердин өз тобундагы башкаларга окшош жөндөмдүүлүк деңгээли абдан маанилүү, бул учурда алар өздөрүн ишенимдүү сезет. Тренинг башталгандан кийин угуучуларды башка топторго которуштуруудан тартынбаңыз.

## 4. Бөлүшүлгөн түзмөктөр

Эгерде адамдардын өзүнүн смартфону жок болсо, баштапкы деңгээлдеги смартфондорду алдын ала жүктөлгөн маалыматтар менен камсыз кылыңыз. Бирдей моделдеги телефондорду даярдоого аракет кылыңыз. Бул ар бир адамга тренингде бирдей кадамдарды басып өтүүгө жана жеке маалыматтарды колдонуу же жеке маалыматты бөлүшүү боюнча тынчсызданууларды жеңүүгө мүмкүндүк берет. Идеалында, биз ар бир аппаратка үчтөн ашык катышуучуну сунуштайбыз.

# Тренерлер үчүн кеңештер

## Жөнөкөйдөн баштоо

Катышуучулар интернет жөнүндө угуп билсе да, алардын билими жетиштүү болбошу мүмкүн

## Жөнөкөй болуңуз

Кыска жана техникалык эмес түшүндүрмөлөрдү колдонуңуз

## Аны актуалдуу кыл

Катышуучуларды тартуу үчүн алардын жеке кызыкчылыктарын эске ал!

## Иш-аракетти кубаттоо

Катышуучуларды жеке телефондорун практикалык ишке колдонууга чакырыңыз

## Катышуучуларды сыйлаңыз

Катышуучуларга мүмкүн болгон сыйды көрсөтүп туруңуз. Тренинг аягында мүмкүн болсо тиешелүү сертификат тапшырыңыз

## Катышуучулар менен активдүү иштеңиз

Тренер менен катышуучунун өз ара активдүү бирге иштешин колдоңуз

# Тереңдетилген окутууну кантип колдонсо болот

45-60

**Бул угуучулар менен 45-60 мүнөт убакыт өткөргөн тренерлер үчүн тереңдетилген окуу колдонмосу.**

Бул сиздин угуучуларынызга ылайыктуу болгон нерсеге жараша колдонгуңуз келген тренингдерди тандай аласыз дегенди билдирет. Эгер туташуу көйгөйлөрүнөн улам Ютуб'ду жайгашкан жериңизде колдоно албасаңыз, бул модулду өткөрүп жиберип, иштөө үчүн азыраак маалымат талап кылган башка аудио-визуалдык кызматты колдонсоңуз болот.
Тренинг 4 х 45-60 мүнөттүк сессиядан турат. Ал таанышуу сессиясы менен башталат, андан кийин бир теманы камтыган үч тренинг: Ватсап, Ютуб жана Гугл. Коопсуздук жана нарк ар бир окуу сессиясында киргизилген.

Тренинг, ар бир сессия мурункусуна таянып иштелип чыкканына карабастан, ар бир тренинг өз алдынча да боло алат.

Бул колдонмодо камтылган адамдардын сүрөттөрү жана мисалдар Индияга, айрыкча Махараштра штатына тиешелүү. Эгерде сиз бул колдонмону башка жерлерде колдонгуңуз келсе, биз сизге өзүңүздүн мисалдарыңызды жана жайгашкан жериңизге тиешелүү адамдардын сүрөттөрүн кошууну сунуштайбыз.

## Тереңдетилген окутуу ишмердүүлүктүн төрт негизги түрүнөн турат:

**Түшүндүрмө: Кызматтын артыкчылыктарын көрсөтүү үчүн кыскача түшүндүрмөлөр**

**Иш-аракет: Телефондордогу практикалык көнүгүүлөр**

**Талкуу: стажерлорду жашоосундагы актуалдуулугун эске алууга үндөө**

**Кайталоо: ар бир модулдун сабактарын бекемдөө**

# Тренинг сессиясынын текшерүү тизмеси

Ар бир тренингдин алдында даярданууга көп убакыт бөлүңүз. Уюлдук телефондорду жөндөө үчүн жетиштүү убакыт калтырыңыз. Бул сиз ойлогондон да көп убакытты талап кылышы мүмкүн!

Сизге тренингке керектүү материалдар толук экенин текшериңиз (ар бир модулдун аягындагы тизмеден караңыз)

Бардык телефондордун зарядын текшериңиз

Колдоно турган бардык тиркемерлерди алдын ала жүктөп даярдап коюңуз.

*Бул колдонмодо тиркемелерди көчүрүү боюнча модул камтылган эмес. Себеби, көп учурда катышуучулар үчүн аккаунтту катто оор, түшүнүксүз жана алардын билими аз болушу мүмкүн. Андан сырткары көбүнчө Андроид телефондорунда Ютуб жана Гугл Издөө жүктөлгөн болушу мүмкүн. Эгерде сиз Ватсапты жүктөөнү каласаңыз, ал үчүн керектүү колдонмону тапсаңыз болот.*

Ар бир телефондо керектүү номерлер салынганын текшерип коюңуз

Телефонду катышуучуга берердин алдында жеке маалыматтарды (мисалы, сүрөт, каттарды) өчүрүп тазалаңыз

Тренингтин маалыматын өзүңүз толук түшүнүңүз

Бардык телефондордун мобилдик интернетин текшериңиз жана эртерээк толуктап коюңуз (кээ учурда көбүрөөк убакыт керек болоорун эске алыңыз)

Сиз колдонгон телефонго кагаз чаптап, ага аты-жөнүңүздү, телефон номерди жазып коюңуз. Бул аны оңой табууга жеңилдетет

Байланышыңызды текшериңиз – эгерде Mi-Fi/Wi-Fi колдонулса, алардын иштеп жатканын жана бардык телефондор кошулганын текшериңиз

Бардык телефондорго мобилдик интернет жүктөп коюңуз

# Модул 1 - Киришүү

## Окуу максаттары




**Убакыт узактыгы:**

45-60мин

Окуунун максатын билүү жана катышуучуларды ким экенин баамдоо

Катышуучулар өзүн эркин сезүүсүнө, окууга болгон каалоосун арттыруугa жана негизги эрежелерди билип алуусуна шарт түзүңүз

Интернет алардын жашоосуна кандай өзгөртүү киргизерин көргөзүүгө жетишиңиз

**Кеңеш:** Колдонулуп жаткан телефондордо интернеттин башкы барагын көпчүлүккө белгилүү жердин Google сүрөтүнүн негизинде коюңуз. Бул катышуучулар үчүн кызыктуу болот жана Интернетке кирүүнүн кызыктуу биринчи тажрыйбасы болот. Башкы баракты орнотуу үчүн, браузериңизди ачып, башкы бет катары орноткуңуз келген веб-сайтка өтүңүз. Браузериңиздин менюсун ачып, жөндөөлөрдү басыңыз, андан кийин "учурдагы баракты" башкы бет катары орнотуңуз.

## Сизге керек болуучу материалдар:



Смартфон аппараттары



Ручка,кагаз, скотч жана кичинекей топ



Иконкалардын сү рө ттө рү




Глоссарий таратма материалдар




Негизги эрежелер



Кичинекей сыйлыктар

# ПОЗИТИВДҮҮ ОЮНДАР МЕНЕН БАШТОО



### Оюнду баштоо

- Колуңузга кичинекей топту алып, өзүңүздү тренер катары кыскача тааныштырыңыз: аты-жөнүңүздү, тегиңизди жана эмне үчүн бул жерде экениңизди айтыңыз.
- Андан соң топту катышуучулардын бирине ыргытыңыз жана алардан өзүн тааныштыруусун сураныңыз. Алар бүтүргөндөн кийин, кийинки адамга ыргытууну сураныңыз.
- Бөлмөдөгүлөрдүн баары топту кармап, өздөрүн тааныштырганда оюн бүтөт.

## Тренинг жөнүндө айтып берүү




### Тренингдин максатын түшүндүрүңүз:

- "Биз мобилдик интернет жөнүндө билүү үчүн келдик: бул эмне, аны кантип колдонуу керек жана аны менен эмне кыла аласың."
- Негизги эрежелерди талкуулагыла.
- Тренингде эмнени камтый турганыңызды түшүндүрүңүз, мисалы. Ватсап, Ютуб, Гугл, Википедия жана Фейсбукту кантип колдонуу керек жана алардын ар бири эмне үчүн пайдалуу.
- "Сиз смартфондогу интернет менен таанышасыз" деп түшүндүрүңүз.
- Тренерлердин ролун түшүндүрүңүз: «Тренерлер катары биз сизге үйрөнүүгө жана сизге колдоо көрсөтүү үчүн бул жердебиз».
- Түшүндүрүү: "Бүгүн баары сен жөнүндө! Туура же туура эмес жооптор же суроолор жок. Бул сыноо эмес; биз сага үйрөнүүгө жардам бергибиз келет!

# ЧАКАН ТОПТОРДУ ТҮЗҮҮ

Катышуучуларды мини топторго бөлүңүз (ар бир топко 6 адамдан ашык эмес):

Бөлмөнүн ортосуна сызык сызып, сызыкта үч чекитти белгилеңиз:




- Катышуучулардан мобилдик интернетти колдонуу жөндөмүнө жараша линиядагы тиешелүү жерге турууну сураныңыз.
- Катышуучулардын бөлүнүшүнө жараша 1 группада 6 адамдан ашпаган топторго бөлүңүз - бөлмөдөгү ар бир тренер бир топ менен иштейт.
- Бул топтор тренингдин акырына чейин бирге иштерин түшүндүрүңүз.

**Кеңеш:** Катышуучулар өздөрүн ишенимдүү жана ыңгайлуу сезиши үчүн, өз тобундагы башка адамдар менен окшош жөндөмү бар экени абдан маанилүү. Тренингтин жүрүшүндө, эгер катышуучулардын деңгээли бирдей эмес экенин байкасаныз, катышуучуларды ар кандай топторго которуштуруудан тартынбаңыз.

## Чакан топ менен тааныштыруу:

- Ар бир адамдан топко аты-жөнүн/кайдан келгенин/ эмнеге кызыгып жатканын айтып беруүсүн сураныңыз.
- Катышуучулардан өз ысымдарын кагаз скотчко жазып, көкүрөгүнө чаптоосун сураныңыз.
- Катышуучудан: “Эмнени үйрөнгүңүз келет?” деп сураңыз.
- Ар бир катышуучунун окуугa болгон ниетин кагазга жазып, дубалга чаптаңыз.

## Интернеттин мүмкүнчүлтөрү жөнүндө айтыңыз

### Тренер суроолорду берерин, ал эми угуучулар жооп берүү үчүн колдорун көтөрө аларын түшүндүрүңүз

- "Бул жерде ким мурун уюлдук телефон аркылуу интернетти колдонгон?"
- "Ким бизге интернет эмне экенин айтып бере алат?"

### Интернет деген эмне жана ал кайдан келгенин түшүндүргүлө

- "Мобилдик тармак провайдериңиз сизди уюлдук телефонуңуз аркылуу интернетке сизди туташтыра алат" **деп түшүндүрүңүз.**




### “Интернет” плакатын көрсөтүңүз

- **Түшүндүрүү:** “Интернет – бул компьютерлерге жана кээ бир уюлдук телефондорго дүйнө жүзү боюнча маалыматты жөнөтүүгө жана кабыл алууга мүмкүндүк берген тармак. Бул дүйнө жүзүндөгү адамдар кире ала турган, колдоно ала турган жана маалымат кошо ала турган чоң китепканасы сыяктуу».

# Интернеттин мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө айтыңыз

## Интернеттин артыкчылыктарын жашоого алып келиңиз!

Интернеттин сизге (тренерге), досторуңузга жана үй-бүлөңүзгө кандай пайдасы бар экенин айтып бериңиз. Кээ бир мисалдар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Ватсап аркылуу адамдар менен байланышуу - досторуңуздан жана үй-бүлөңүздөн жаңылыктарды алуу, тармакка бизнесиңизди жарнамалоо ж.б.
- Көндүмдөрдү үйрөнүү жана өнүктүрүү жана Ютубда көңүл ачуу, мисалы: Кантип бийлөө, тамак даярдоо же велосипедде дөңгөлөктү кантип оңдоо сыяктуу видеолорду көрүүгө болот.
- Жашооңузга, окууңузга, бизнесиңизге ж.б. жардам берүү үчүн Гугл'дан пайдалуу маалыматты табуу.

---

## Катышуучулар үчүн интернетти актуалдуу кылыңыз

Катышуучулар менен интернет аларга кантип жардам берерин талкуулаңыз:

- "Интернеттен сизге жардам бере турган эмнени үйрөнө алмаксыз?" Аларга бир нече сунуштарды бериңиз.
- "Сизди эмне көбүрөөк кызыктырат жана эмнени билүүнү каалайсыз?"

**Кеңеш:** Тренингдеги айтылган сөздөрдү иш жүзүндө көрсөтүп интернет алардын жашоосунда кандайча пайдалуу экенин көрсөтүңүз. Бул алар үчүн тренингдин актуалдуу жана кызыктуу болушуна жардам берет.

# Телефондорду таратыңыз



## Смартфондорду таратыңыз (бир телефондо үчтөн ашык адам болбошу керек)

- Кантип «басуу» (экрандагы белгини басуу), «жылдыруу» (экран боюнча манжаңызды оңго же солго сүйрөө), «чоңойтуу» (экранда эки манжаңыз менен иштөө) менен иштөө керек экенин көрсөтүңүз.
- Катышуучулардан телефонду кезеги менен кармап, практика кылуусун сураныңыз.
- Катышуучулардан экрандагы иконаларды "басып" жана эмне болгонун көрүүнү сураныңыз.



**Кеңеш:** Телефон менен тааныш эмес катышуучуларга "камера" кайда экенин көрсөтүп, телефон менен сүрөткө тартууга үндөңүз. Бул аларга көңүл ачууга жана телефондо иштөөнү өздөштүрүүгө жардам берет.

## Катышуучулардан телефон менен топтук сүрөткө (топтук селфи!) түшүүнү сураныңыз

- Катышуучулардан сүрөттү көрсөтүүнү сураныңыз.

## Катышуучуларыңыздан телефондон эмнени үйрөнүп жатканын талкуулаңыз

- "Батареянын иштөө мөөнөтү кайда көрсөтүлөт?"
- "Телефон сигналын кайдан көрсөтөт?" деп сураңыз.

## Бул эмне үчүн "акылдуу" телефон экенин катышуучулар менен талкуулаңыз

- "Аны эмне "акылдуу" кылат?" деп сураңыз.

**Кеңеш**: Катышуучуларга телефонду изилдөө үчүн жетиштүү убакыт бериңиз.

## Практика: “Иконканы тап” оюнун ойноо



- Ар бир мобилдик сүрөттү бирден **кармап туруңуз.**
- "Бул телефондун кайсы жеринде?" **деп сураңыз.**”
- Эгер алар колдоого муктаж болсо, ар бир сүрөт эмне экенин **айтып бериңиз.**
- Туура жооптор үчүн кичинекей **сыйлыктарды** (мисалы, таттуулар) **бериңиз** жана андан кийин иконаларды дубалга чаптап коюңуз.

## Практика: Интернетке кириңиз



- Катышуучулардан телефондун интернеттин сөлөкөтүн таап, аны бас деңиз (эгер сиз муну даярдаган болсоңуз, интернет сиз тандаган веб-сайтта ачылат - чоо-жайын билүү үчүн 20-беттеги Кириш сөздү караңыз). Сураныч, ар кандай телефондордо ар кандай браузерлер болушу мүмкүн экенин эске алыңыз (төмөндө караңыз).
- **Түшүндүрүп бериңиз:** “Сиз азыр интернеттесиз! Бул канчалык оңой! Куттуктайбыз!”
- Катышуучуларга кызыккан нерселерин изилдөөгө жана талкуулоого **кененирээк убакыт бериңиз.**

**Кеңеш:** Интернетти колдонуу үчүн көптөгөн ар кандай "браузерлер" бар. Булар үчүн эң кеңири таралган иконалар төмөндө көрсөтүлгөн. Колдонгон телефонуңузга жараша, жогоруда көрсөтүлгөн телефондун ордуна булардын бирин колдонсоңуз болот.

# Модул 2 - Ватсап

## Тренингтин максаттары

Катышуучулар Ватсап аркылуу кантип баарлашууну билишет

Катышуучулар Ватсап сыяктуу куралдарды адамдар менен байланышуу үчүн кантип колдонсо болорун билип алганына кубанычта




**Убакыт мөөнөтү:**

45-60мүнөт

## Сизге керек болуучу материалдар:



Калем жана кагаз



Телефондор



Кичинекей сыйлыктар




Ватсап постерлер




Глоссарий




Маалымат чыгымдары постери




Коопсуздук кеңештери



Иконкалар

# Ватсапты тааныштыруу

WhatsApp

## Катышуучуларга Ватсап иконкасын көрсөтүп аны телефондон табууну сунуштаңыз

“Бул эмне экенин ким билеерин?” “Ал неге колдонуларын?” тактаңыз

## Ватсапка кыскачы түшүндүрмө бериңиз:

- "Ватсап адамдар менен байланышууну жана баарлашууну жеңилдетет, мисалы: үй-бүлө, достор жана кесиптештер менен".
- “Ватсап – бул SMS сыяктуу билдирүү кызматы, бирок сиз үн билдирүүлөрүн, сүрөттөрдү, видеолорду, жеке жана ошондой эле ар кандай топторго жөнөтө аласыз. Ватсап телефон кредитине караганда интернет маалыматтарды колдонот. Бул билдирүүлөрдү жөнөтүү арзаныраак болушу мүмкүн жана сиз жазышып жаткан адамдын алыстыгы бааны өзгөртпөйт дегенди билдирет.

## Жашоого пайда алып кел!

Ватсап сизге (тренер), досторуңузга жана үй-бүлөңүзгө кандай пайда алып келери тууралуу өзүңүздүн окуяңызды айтып бериңиз. Кээ бир мисалдар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Ишкерлердин / кесиптештердин / классташтардын / кардарлардын / достордун / үй-бүлөнүн чоң топтору менен байланышуу, өнүмдөрдү жарнамалоо, кеңештерди бөлүшүү, класстан жазууларды же тапшырмаларды талкуулоо жана жаңылыктарды бөлүшүү.
- Ватсапты кантип колдонсо болору тууралуу конкреттүү мисалдарды же окуяларды айтып бериңиз.

## Ватсапты катышуучуларга ылайыктуу кылыңыз

Катышуучулар менен Ватсап алардын жашоосуна кандай пайда алып келерин талкуулаңыз:

- "Сиз Ватсапты өз жашооңузда эмне үчүн колдонгуңуз келет?" Алардын кызыкчылыктарына жараша бир нече сунуштарды бериңиз.
- "Сизди Ватсап жөнүндө эмнелер көбүрөөк кызыктырат жана эмнени билүүнү каалайсыз?" деп сураңыз.

# Практика: Бири бирине маалымат жөнөтүү

## Практика кылыңыз!

**Түшүндүрүңүз** “Сиз азыр жеке телефонуңуз менен практика кылыңыз!”




## "Ватсап'ты кантип колдонуу керек: 1ден 1ге билдирүү" постерин көрсөтүңүз

- "Бул плакат Ватсапта 1адамдан 1адамга билдирүүлөрдү жөнөтүү кадамдарын көрсөтөт" деп түшүндүрүңүз.
- Катышуучуларга, телефондон негизги кадамдар аткарып текст, сүрөттөрдү же үн билдирүүлөрүн жөнөтө аларын түшүндүрүңүз.

Алардан телефондор аркылуу бири-бирине билдирүү жөнөтүүнү сураныңыз.

1. **Учурашуу текстин жазыңыз:**

- Ватсап иконкасын табыңыз
- Аны кайдан табаарын көрсөтүп бериңиз
- Катышуучулардан бири бирине билдирүү жөнөтүүсүн сураңыз

2. **Топтуп чогуу түшкөн сүрөтүн жөнөтүү:**

- Ватсаптагы камера белгисин басыңыз
- Камера кайсыл жерде жайгашканын жана аны кантип колдоноорун көрсөтүп бериңиз

Катышуучулардан топтук сүрөтүн жөнөтүсүн сураңыз

3. **Үн билдирүүсүн жөнөтүү:**

- Ватсаптын микрофон белгисин басыңыз
- Аны кайдан табаарын көрсөтүп бериңиз
- Катышуучулардан бири бирине үн билдирүүсүн жөнөтүүсүн сураңыз

- **Түшүндүрүү:** "Сиз кимдир-бирөөгө Ватсаптан билдирүү жөнөткөнүңүздө, анын телефонуна келген-жетпегенин жана ал аны окуганын көрө аласыз". а) Жөнөтүлгөн = 1 боз галочка
  б) Жеткирилген = 2 боз галочка
  с) Окуса = 2 көк галочка
- "Эгер сиз үн билдирүүсүн же сүрөттү жөнөтсөңүз кандай болот, мисал келтире аласызбы?" деп сураңыз.

## Практика: Топтук билдирүү

- "Сиз эми" топтук чатты колдонууга аракет кылып жатасыз " **деп түшүндүрүңүз.**

**"Топтук чатты" түшүндүрүңүз:** "Ватсапта бир топтук сүйлөшүүдө көп адам болушу мүмкүн."




### “Ватсапта топтук билдирүү жөнөтүү” плакатын колдонуңуз

- "Бул плакат Ватсап тобун түзүүнүн алгачкы кадамдарын көрсөтөт" **деп түшүндүрүңүз.**
- Ватсап тобун кантип түзүүнү көрсөтүңүз жана катышуучуларды телефондон бир Ватсап тобуна кошулууга **чакырыңыз** (жалпы телефондор үчүн номерлер аркылуу чакырууларды жөнөтүңүз).
- Катышуучулардан Ватсап тобуна текстти же үн билдирүүсүн жөнөтүп, чатта топтук селфилерин **бөлүшүүнү сураныңыз.**
- "Алардан 1адамдан 1адамга эмес, топтук билдирүүлөрдү качан колдоно турганын мисал келтире аларын **сураңыз"**

**Кеңеш:** Катышуучулар үчүн Ватсап тобун тренингдин аягына чейин калтырыңыз жана алардан чатта өз ойлорун, сезимдерин, сүрөттөрүн жана пикирлерин бөлүшүүнү сураңыз.

## Жеке колдонуу

**Катышуучулар менен Ватсап алардын жашоосуна кандай пайда алып келерин талкуулаңыз.**

- "Эми сиз Ватсапты кантип колдонууну билесиз, аны өз жашооңузда эмне үчүн колдонгуңуз келет?" Алардын кызыкчылыктарына жараша бир нече сунуштарды бериңиз.
- "Азыр Ватсапты кантип колдонууну үйрөнгөндөн кийин, сиз эмнеге абдан кызыгасыз жана эмнеге кубанасыз?

## Коопсуздук

**Тактаңыз** “Коопсуздук деген эмне?”

Катышуучулардан адимки коомдук жайда жүргөнүн элестетүүнү сураныңыз, мисалы базар. Алардан бул жерде коопсуздукту сактоо үчүн эмне кыларын талкуулоосун сураныңыз. Аларга төмөнкү суроолор жана жооптор менен кайрылыңыз:

| Сунуштар | Болжолдуу жооптор |
|---|---|
| Эгер сиз таанıбаган адам сизди тийишсе эмне кыласыз? | Сиз алардан качасыз же көңүл бурбайсыз<br>Сак болгула - алар дайыма коопсуз боло бербейт. |
| Эгер сиз тааныбаган же ишенбеген адам сизден жеке маалыматыңызды сураса эмне кыласыз? | Сиз тааныбаган же ишенбеген адамга жеке маалыматыңызды бербейсиз, анткени алар аны туура эмес колдонушу мүмкүн. |
| Көргөнүңүздөн же башынан өткөргөн нерсеңизден ыңгайсыз болсоңуз, эмне кыласыз? | Болгон окуяны билген жана ишенген адамга айтыңыз. |
| Сиз менен баарлашкан адамдарга кандай мамиле жасайсыз? | Элге сылык-сыпаа мамиле кылам. |

**Түшүндүрүү:** "Интернет коомдук жай экенин эстен чыгарбоо маанилүү жана ага коомдук жайдай мамиле кылуу жана коопсуздукту сактоо маанилүү."

## Коопсуздук




### Катышуучуларга "Коопсуздук боюнча кеңештер" таратмасын бериңиз

- Бул кеңештер интернетти колдонууда эмнени билдирерин катышуучулар менен талкуулаңыз.
- Катышуучуларга мисалдарды колдонуу менен кеңештерди бериңиз. Мисалы, аялдар куугунтуктоонун алдын алуу үчүн көбүрөөк тынчсызданышы мүмкүн.




### Ватсап коопсуздугу

- "Эгерде сиз тааныбаган бирөө сизге Ватсаптан билдирүү жазса а сиз ал адам менен жазышууну каалабасаңыз, эмне кылсаңыз болот?"
- "Ватсапта сиз аларды "бөгөттөсөңүз" болот, анда алар сиз менен ал номерден кайра байланыша албайт" **деп түшүндүрүңүз.**
- "Бөгөттөө процесси" плакатын көрсөтүп, Ватсапта адамдарды кантип бөгөттөө керектигин **көрсөтүңүз.**

# $ Нарк

**Түшүндүрүү:** “Эми сиз Ватсапты кантип колдонууну билесиз келгиле эми, аны колдонуу канча турат экен көрөлү! Телефонуңузда интернетти колдонуу үчүн мобилдик тармак провайдериңизден маалымат сатып алышыңыз керек."

**Түшүндүрүү:** “Ар бир Ватсап билдирүүсүнүн баасы SMSке караганда алда канча арзан. Сиз жазышып жаткан адам алыс же жакын болсо (башка өлкөдө болсо да) бул бааны өзгөртпөйт.

---




## “Нарк” плакатын көрсөтүңүз

- **Түшүндүрүү:** “Ар кандай иш-аракеттер ар кандай көлөмдөгү маалыматтарды колдонот. Текстти кароодо эң аз маалымат керектелет, сүрөттөрдү көрүү, музыка угуу жана жүктөө бир аз көбүрөөк, ал эми видеолорду көрүү эң көп колдонот."
- "Кээ бир интернет кызматтары көбүрөөк маалымат колдонгонго байланышкан" **деп түшүндүрүңүз.**
- "Плакатта Ватсап кайда?" жана "Бул эмнени билдирет, анын баасы канча турат?"**деп сураңыз**
- "Эмне кылуу кымбатыраак болот? **деп сураңыз. Жообу** "Видео көрүү жана жүктөө"
- "Эмне кылуу арзаныраак болот?" **деп сураңыз. Жообу** "Текстти жөнөтүү"

# $ Нарк

## Маалыматты текшерүү

- "Канча маалымат колдонгонуңузду текшерүү эмне үчүн пайдалуу?"
- **Жооп**: "Маалыматыңыздын канча бөлүгүн сарптаганыңызды жана ар кандай иш-аракеттерди жасоонун баасы канча экенин түшүнүү үчүн."
- **Түшүндүрүү:** "Сизде канча мүнөт же текст бар экенин текшергендей, сизде канча маалымат бар экенин мобилдик тармагыңыздан телефонуңузга кодду терүү менен текшере аласыз."
- **Түшүндүрүп бериңиз:** "Интернетти эмне үчүн колдоно турганыңызга жараша маалыматтарды ар кандай өлчөмдө сатып алсаңыз болот. Кайсы сумма сизге ылайыктуу экендиги боюнча жергиликтүү мобилдик агентиңизден кеңеш сураңыз».
- **Түшүндүрүп бериңиз:** "Эгер сиз Wi-Fi зонасында интернетке кирсеңиз, сиз маалымат топтомуңузду колдонбойсуз. Жергиликтүү мобилдик агентиңиз жергиликтүү Wi-Fi зоналарыңызды табууга жардам бериши мүмкүн. Бирок, жакынкы зонага баруу үчүн өтө алыс болушу мүмкүн.
- Катышуучуларга алардын маалыматтарын кантип текшерүү керектигин көрсөтүңүз.

**Кеңеш:** Сизде канча маалымат бар экенин текшерүү кайсы өлкөдө жана телефон кайсы тармакта экенине жараша өзгөрөт. Маалыматты кантип текшерүү боюнча колдоо керек болсо, мобилдик агенттен сураңыз.

# Көрсөтмө



## Ватсап иконкалары оюнун ойноңуздар

- Ар бир Ватсап иконкаларын бирден **кармап туруңуз.**
- **Тактаңыз** “Бул телефондун кайсы жеринде жана ал эмне?”
- Катышуучуларга жардам керек болсо, ар бир сүрөт эмне экенин **түшүндүрүңүз**
- Туура жооптор үчүн кичинекей сыйлыктарды (мисалы, таттуулар) **бериңиз** жана андан кийин иконкаларды дубалга чаптап коюңуз.

**Түшүндүрүү:** Ватсапка окшош билдирүү кызматтары дагы бар. Мисалы: Hike Индиядагы популярдуу кызмат, ал Ватсапка окшош, ал графикалык стикерлерди жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

**Кеңеш:** “Интернеттеги көптөгөн тиркемелер жана кызматтар окшош сүрөтчөлөрдү жана сөздөрдү колдонушат. Интернетти колдонуп жатканыңызда бул иконкаларды издеңиз, ошондо аларды кийинки жолу көргөнүңүздө алардын эмнени билдирерин эстеп каласыз."

## Ватсапка көрсөтмө

- **Окуучуларыңыз менен Ватсапты колдонуу боюнча эмнелерди үйрөнүшкөнүн талкуулаңыз**
- "Сиз Ватсапты колдонуу жөнүндө эмнени үйрөндүңүз?", "Аны эмне үчүн колдоно аласыз?"
- "СМСтен эмнеси менен айырмаланат?", "СМС менен кыла албаган эмнени Ватсап менен кылса болот?"
- "Сиз дагы эле Ватсапты колдонуу боюнча кооптонуп жатасызбы?"
- "Сиз Ватсапты өз жашооңузда эмне үчүн колдонгуңуз келет? Сиз аны эмне үчүн колдонууга көбүрөөк кызыгасыз?

**Кеңеш:**
Катышуучуларды активдештирүү үчүн кыскача викторина өтүңүз жана сыйлыктарды (мисалы, таттуулар) бериңиз.

## Көрсөтмө

**Кеңеш:** Эгерде катышуучулар өз телефондору аркылуу интернетке жанаВатсапка кирүүнү каалаcа, аларга үйрөнгөндөрүн практикалоо үчүн бир аз убакыт берип, колдоо жана дем-күч бериңиз.

**Кийинки деңгээлге өтүү**

**Сеанстын аягына жетип, дагы эле кошумча убакытыңыз болсо:**

- "Сессияда каралган нерселер боюнча дагы суроолоруңуз барбы?"
- "Алар мобилдик интернет жөнүндө дагы эмнени билгиси келет?" сураңыз.

---

Катышуучулар менен талкуулай турган Ватсаптын кээ бир өнүккөн функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Сүрөт галереяңыздан Ватсапка сүрөттөрдү жүктөө;
- Досторуңуз жана үй-бүлөңүз сиздин кайда экениңизди билиши үчүн Ватсаптан турган жериңиздин дарегин бөлүшүңүз;
- Ватсап профилин каттоо, анын ичинде купуялык жөндөөлөрүн жасоо;
- Колдонмолор дүкөнүнөн тиркемелерди жүктөп алуу (сиз электрондук почтаны да камтышыңыз керек, анткени тиркемелерди жүктөп алуу үчүн электрондук почта болушу керек).

# Модул 3 - ЮТУБ

## Тренингтин максаты

Катышуучулар видеого жана музыкага кирүү үчүн Ютубду кантип колдонууну билишет

Катышуучулар Ютубдагы жеткиликтүү контенттин көптүгүн түшүнүшөт жана аны колдонууну каалайт.




**Убакыт узактыгы:**

45-60мүнөт

**Эсиңизде болсун:** Туташуу көйгөйлөрүнөн улам Ютуб бардык жерде иштебей калышы мүмкүн. Мындай учурларда биз Ютуб модулун кылбай коюуну же иштетүү үчүн азыраак маалыматты талап кылган башка аудио/визуалдык тиркемени колдонууну сунуштайбыз.

Же болбосо, сиз телефондогу Ютуб аккаунтуңуздун жөндөөлөрүн өзгөртө аласыз, ал видеолорду төмөнкү өткөрүү жөндөмдүүлүгү менен ойнойт. Мындан сырткары, сиз видеонун астындагы кнопканы басып видеолорду оффлайн көрүү үчүн жүктөп алсаңыз болот.

## Сизге керек болуучу материалдар



Ручка, кагаз жана кагаз скотч



Смартфон аппараттары



Чакан белектер




Ютуб плакаты




Глоссари




Нарк плакатыr




Коопсуздук кеңештери



Кесип алганга

# Ютуб менен тааныштыруу

## Катышуучуларга Ютубдун сүрөтүн көрсөтүп, муну телефондон табышын сураныңыз

"Бул эмне үчүн?", "Бул эмне экенин ким билет?" деп сураңыз.

## Ютуб жөнүндө кыскача маалымат бериңиз

- "Ютуб сизге сыналгы сыяктуу видеолорду көрүүгө мүмкүнчүлүк берет, бирок анда көбүрөөк видеолор бар, ошондой эле кайсы видеолорду качан көрүүнү тандай аласыз."
- "Сиз Ютубга кандай видеолорду тапкыңыз келгенин айтасыз, ал сиз каалаган видеолордун түрлөрүн табуу үчүн адамдар Ютубга койгон бардык видеолорду издейт."
- «Сиз көп түрдүү видеолорду көрө аласыз; тасмалар, ырлар, жаңылыктар, спорт, рецепттер жана билим берүүчү нерселер. Ошондой эле көптөгөн "кантип" видеолору бар, мисалы: тилди кантип үйрөнүү керек, кантип бийлөө керек, тамакты кантип жасоо керек, велосипеддин дөңгөлөктөрүн кантип оңдоо керек жана башкалар».
- "Ошондой эле өз видеолоруңузду түзүп, аларды Ютуб аркылуу бөлүшө аласыз."

## Жашоого пайда алып кел!

Ютуб сизге (тренерге), досторуңузга жана үй-бүлөңүзгө кандай жардам бергени тууралуу өзүңүздүн окуяңызды айтып бериңиз. Кээ бир мисалдар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Музыка, клип көрүү, жаңы өнөрдү үйрөнүү, чеберчиликти өркүндөтүү, өз видеоңузду түзүү
- Ютуб кантип колдонсо болору боюнча конкреттүү мисалдарды же окуяларды айтып бериңиз

## Ютубду катышуучуларга ылайыктуу кылыңыз

Катышуучулар менен Ютуб алардын жашоосуна кандай пайда алып келерин талкууланыз:

- Ютубду өз жашооңузда эмне үчүн колдоно аласыз деп сураңыз? Алардын кызыкчылыктарына жараша бир нече сунуштарды бериңиз.
- "Сиз эмнеге көбүрөөк кызыгасыз жана эмнени билүүнү каалайсыз?"

**Эсиңизде болсун:** Тренингдеги айтылган маалыматтар алардын жашоосунда кандай пайда алып келерин иш жүзүндө көрсөтүңүз. Бул алар үчүн тренингдин актуалдуу жана кызыктуу болушуна жардам берет.

# Практика: Ютубдагы негизги колдонуу

## Практика кылыңыз!

**Түшүндүрүү** “Сиздер азыр телефонуңарда Ютубду колдонуп көрүнүздөр”




## “Ютубду колдонуу” плакатын көрсөтүңүз

- "Бул плакатта видеолорду издөө үчүн Ютубду колдонуу кадамдары көрсөтүлгөн" **деп түшүндүрүңүз.**
- Ютубдан издөө үчүн катышуучулардын телефондорундагы кадамдардан өтүңүз.




## Популярдуу видеону издөө жыйынтыгын көрсөтүү

Катышуучулар эмнени карап жатканын түшүндүрүңүз:

- "Жогорудагы сүрөт - бул видео - аны ойнотуу же тындыруу үчүн бассаңыз болот."
- "Бул видео Ютубдагы канча адамдар аны канча жолу көргөнүн жана анын канчалык популярдуу экенин көрсөтүп турат."
- «Сиз баш бармактын сүрөтүн басуу менен видеону «жакты» же «жаккан жок» деп койсоңуз болот. Ар биринин жанындагы сан канча адам жактырганын жана жактырбаганын көрсөтөт».
- "Бул балким сизге жага турган окшош видеолорго шилтемелер."
  "Төмөн жагында, видео тууралуу адамдар жазган" комментарийлерди" көрөсүз. Бул жерге видео тууралуу өз пикириңизди кошсоңуз болот!”

"Бул жерде карап жаткан маалымат тууралуу суроолоруңуз барбы?" **деп сураңы**

# Практика: Ютубда негизги колдонуу

## Ютуб үчүн микрофон сүрөтүн кармап туруңуз

- **Түшүндүрүү:** “Микрофонду эч текст тербей эле колдонсо болот. Издегиңиз келген сөздөрдү туура жаза албаганыңызда, Ютубга жөн гана издегиңиз келген сөздөрдү айта аласыз."
- **Аны кайдан тапса болорун көрсөтүңүз:** "Издөө кутучасын басканда, микрофон оң жакта пайда болот."
- **Аны кантип колдонууну көрсөтүңүз:** "Микрофондун сүрөтүн басып, катуу, так жана жай сүйлөңүз."
- Катышуучудан микрофондун жардамы менен "Бир видеону" издөөнү сураныңыз.

## Катышуучулардан төмөнкү көнүгүүлөр менен видеолорду издөөнү сураныңыз:

1. Ютуб издөө кутусуна популярдуу жергиликтүү ырдын атын терип, аны көрүңүз.
2. Издөө кутусуна жергиликтүү белгилүү жердин атын териңиз жана аны көрүңүз.
3. Издөө кутучасына катышуучуларга керектүү бир сөздү жазыңыз, мисалы: "рецепттер", "жумуштар", "фермердик" жана жыйынтыгында чыккан видеолорду көрүңүз.

## Практика: Түрлүү сөздөр менен издөө

- "Биз азыр түрлүү сөздөрүн колдонуу менен деталдуу издөөгө аракет кылабыз - бул сиз каалаган видеолорду табууга жардам берет" **деп түшүндүрүңүз.**
- Катышуучулардан Ютуб издөө кутучасына эки-үч сөздүн ар кандай айкалыштарын жазып, видеолорду издөө көнүгүүлөрүн сунуштаңыз. Алар муну микрофондун жардамы менен же текстти терүү аркылуу жасай алышат. Катышуучуларга мурда издеген сөздөрдүн негизинде айкалыштыруу үчүн ар кандай башка сөздөрдү бериңиз. **Мисалы:**
- **"Кыргызстан", "Рецепттер", "Туризм"**
- **"Жумуш", "саякатто", "Ата-Мекен"**

**Кеңеш:** Ар кандай маалыматты ар түрлүү сөз айкалыштары аркылуу изилдөө үчүн катышуучуларга убакыт бериңиз.

## Практика: Жеке издөө

**Катышуучулар менен Ютуб алардын жашоосунда кантип жардам бере аларын талкуулаңыз**

- "Эми сиз Ютубду кантип колдонууну билесиз, аны өз жашооңузда эмне үчүн колдонгуңуз келет?" Алардын кызыкчылыктарына жараша бир нече сунуштарды бериңиз.
- Катышуучулар менен алардын кызыгуусуна жараша издөө үчүн кандай сөздөрдү колдонсо болорун талкуулаңыз (издөө сөздөрү боюнча сунуштарыңызды жөнөкөй кылып, 1-2 гана сөздү колдонуңуз).
- Ар бир катышуучуга телефон аркылуу кызыктырган видеолорду издөөнү сунуштаңыз жана башка тренерлерден бул жагынан аларга колдоо көрсөтүүнү сураныңыз.
- "Дагы кайсы видеолорду издегиңиз келет?" деп сураңыз.

**Кеңеш:** "Интернетте көптөгөн сонун маалыматтар бар, бирок кээ бирлери анчалык деле кызыктуу эмес, кээ бирлери такыр чындыкка дал келбейт. Издеп жаткан нерсеңизге эң жакшы жооп алуу үчүн 2-3 булакты карап чыгуу дайыма эң жакшы».

## Коопсуздук

**"Коопсуздук сиз үчүн эмнени билдирет?"**

Катышуучулардан базар сыяктуу кадимки коомдук жайда жүргөнүн элестетүүнү сураныңыз. Алардан бул жерде коопсуздукту сактоо үчүн эмне кыларын талкуулоосун сунунштаңыз. Аларга төмөнкү суроолор жана жооптор менен кайрылыңыз:

| Сунуштар | Болжолдуу жооптор |
|---|---|
| Эгер сиз тааныбаган адам сизге тийишсе эмне кыласыз? | Сиз алардан качасыз же көңүл бурбайсыз<br>Сак болгула - алар дайыма эле алар айткандай боло бербейт. |
| Эгер сиз тааныбаган же ишенбеген адам сизден жеке маалыматыңызды сураса эмне кыласыз? | Сиз таанбаган же ишенбеген адамга жеке маалыматыңызды бербейсиз, анткени алар аны туура эмес колдонушу мүмкүн. |
| Көргөнүңүз же башыңыздан өткөргөн нерсеңизден ыңгайсыз болсоңуз, эмне кыласыз? | Болгон окуяны билген жана ишенген адамга айтыңыз. |
| Сиз менен баарлашкан адамдарга кандай мамиле жасайсыз? | Элге сылык-сыпаа мамиле кылам. |

**Түшүндүрүү:** "Интернет коомдук жай экенин эстен чыгарбоо маанилүү жана ага коомдук жайдай мамиле кылуу жана коопсуздукту сактоо маанилүү."

# Коопсуздук




**Катышуучуларга "Коопсуздук боюнча кеңештер" баракчасын бериңиз**

- Бул кеңештер интернетти колдонууда эмнени билдирерин катышуучулар менен талкуулаңыз.
- Катышуучуларга тиешелүү болгон мисалдарды колдонуу менен кеңештерди бериңиз. Мисалы, аялдар куугунтуктоонун алдын алуу үчүн көбүрөөк тынчсызданышы мүмкүн.



## Ютуб коопсуздугу

- "Ютубду колдонууда сизди тынчсыздандырган нерсе барбы?"
- “Эгер сиз Ютубда видеолорду көрүп жатсаңыз жана сиз жаман же адепсиз деп ойлогон видеолорду көрсөңүз, анда эмне кылсаңыз болот?”
- "Сиз артка баскычын басып, издөө кутучаңыздагы сөздөрдү өчүрүп, ар кандай сөздөрдү колдонуу менен издөөңүздү тактай аласыз" деп катышуучуларга түшүндүрүңүз жана көрсөтүңүз.

**Кеңеш:** “Сиз эмнени издеп жатканыңызды көзөмөлдөйсүз – сиз жакшы же жаман нерселерди издей аласыз. Жакшы нерселерди издөө сиздин милдетиңиз».

# $ Нарк

**Түшүндүрүп бериңиз:** "Сиз Ютубду кантип колдонууну билесиз, келгиле эми аны колдонуу канча турат экенин көрөлү! Мобилдик телефонуңузда интернетти колдонуу үчүн, сиз мобилдик тармак провайдериңизден маалыматты сатып алышыңыз керек.




## "Нарк" плакатын көрсөтүңүз

- **Түшүндүрүү:** "Ар кандай иш-аракеттер ар кандай көлөмдөгү маалыматтарды колдонот. Текстти кароодо эң аз маалымат керектелет, сүрөттөрдү көрүү көбүрөөк, музыка ойнотуу жана жүктөө бир аз көбүрөөк, ал эми видеолорду ойнотуу эң көп колдонот."
- "Кээ бир интернет кызматтары көбүрөөк маалымат колдонгон аракеттерге байланышкан" **деп түшүндүрүңүз.**
- "Кайсы кызматты колдонуу кымбатыраак?" **деп сураңыз. Жообу** "Ютуб. Ютубда видеолорду көрүү көп маалыматты колдонот."

## Маалыматты текшерүү

- "Канча маалымат колдонгонуңузду текшерүү эмне үчүн пайдалуу?" **Жооп:** "Маалматтын канча бөлүгүн сарптаганыңызды жана ар кандай иш-аракеттерди жасоонун баасы канча экенин түшүнүү үчүн."
- **Түшүндүрүп бериңиз:** "Сизде канча мүнөт же тексттер бар экенин текшергендей эле, мобилдик тармагыңыздан телефонуңузга кодду терүү менен сизде канча маалымат бар экенин текшере аласыз."
- **Түшүндүрүп бериңиз:** "Интернетти эмне үчүн колдоно турганыңызга жараша маалыматтарды ар кандай өлчөмдө сатып алсаңыз болот. Кайсы сумма сизге ылайыктуу экендиги боюнча жергиликтүү мобилдик агентиңизден кеңеш сураңыз».
- **Түшүндүрүп бериңиз:** "Эгер сиз Wi-Fi зонасында интернетке кирсеңиз, сиз маалымат топтомуңузду колдонбойсуз. Жергиликтүү мобилдик агентиңиз жергиликтүү Wi-Fi зоналарыңызды табууга жардам бериши мүмкүн. Бирок, жакынкы зонага баруу үчүн өтө алыс болушу мүмкүн».

**Окуучуларыңызга алардын маалыматтарын кантип текшерүү керектигин көрсөтүңүз.**

**Кеңеш:**
Маалматты текшерүү процесси кайсы өлкөгө жараша жана мобилдик агентке жараша өзгөрөт. Маалыматтарды кантип текшерүү боюнча колдоо керек болсо, мобилдик агенттен сураңыз.

# Көрсөтмө

## “Ютуб сүрөтүн тап” оюнун ойногула

- Ар бир сүрөттү бирден кармап туруңуз.
- "Бул телефондун кайсы жеринде жана ал эмне?" **деп сураңыз.**
- Эгер алар колдоого муктаж болсо, ар бир сүрөт эмне экенин **айтып бериңиз.**
- Туура жооптор үчүн кичинекей **сыйлыктарды (мисалы, таттуулар) бериңиз** жана андан кийин катышуучуларга алардын эмне экенин эскертип туруу үчүн иконкаларды дубалга чаптаңыз.

**Түшүндүрүп бериңиз:** Адамдарга видеолорду жүктөп жана көрүүгө мүмкүнчүлүк берген Ютубдан башка да кызматтар бар. Мисалы, алар Daily Motion жана Vimeo болуп саналат.

**Кеңеш:** “Интернеттеги көптөгөн тиркемелер жана кызматтар окшош сүрөтчөлөрдү жана сөздөрдү колдонушат. Интернетти колдонуп жатканыңызда бул иконаларды издеңиз, андыктан аларды кийинки жолу көргөнүңүздө алардын эмнени билдирерин эстеп каласыз."

## Ютуб боюнча көрсөтмө

Катышуучулар менен Ютубду колдонуу боюнча эмнелерди үйрөнүшкөнүн талкуулаңыз:

- Ютубду колдонуу боюнча эмнени үйрөндүңүз?"
- "Бул сыналгы көрүүдөн эмнеси менен айырмаланат?", "Ютуб менен эмне кыла аласыз, бирок сыналгы менен кыла албайсыз?"
- "Ютубду колдонуу боюнча дагы кооптонуп жатасызбы?"
- "Бул үчүн кандай жеке максаттарыңыз болушу мүмкүн?", "Бул үчүн кандай кесипкөй максаттарыңыз болушу мүмкүн?"
- "Ютубду өз жашооңузда эмне үчүн колдонгуңуз келет? Сиз аны эмне үчүн колдонууга көбүрөөк кызыгасыз?»

**Кеңеш:** Кыскача викторина өткөрүп катышуучуларга сыйлыктарды (мисалы, таттуулар) бериңиз.

## Көрсөтмө

**Кеңеш:** “Ютуб – видеолорду табуу үчүн эң сонун, бирок интернетте жеке видео эмес жана Ютуб аркылуу жеткиликтүү болбой турган дагы көп маалымат бар. Интернет Ютубдан алда канча чоң! Башка маалыматты издөөнүн дагы бир жолу Google Издөө аркылуу болот."

**Кеңеш:** Эгерде катышуучулар өз телефондору аркылуу интернетке жана Ютубга киргиси келсе, аларга үйрөнгөндөрүн практикалоо үчүн бир аз убакыт берип, колдоо жана дем-күч бериңиз.

### Кийинки деңгээлге өтүү

Сессиянын аягында кошумча убакытыңыз калса:

- "Сессияда каралган нерселер боюнча дагы суроолоруңуз барбы?" деп сураңыз.
- "Алар мобилдик интернет жөнүндө дагы эмнени билгиси келет?" экенин сураңыз.

---

Катышуучулар менен талкуулай турган кээ бир өркүндөтүлгөн функцияларды камтыйт:

- **Натыйжаларды баалоо:** “Издөөнүн жыйынтыгында кайсы видеону тандоону кантип чечесиз? Бир вариант экинчисинен жакшыраак экенин кайдан билесиз?”
- **Видеолорду түзүү:** "Сиз дагы өз видеолоруңузду түзүп, аларды Ютубда бөлүшө аласыз."
- **Видеолорду бөлүшүү:** "Эгер сиз өзүңүздүн Ютуб видеолоруңузду бөлүшө алсаңыз, эмнени бөлүшөт элеңиз?"
- **Колдонмолор дүкөнүнөн тиркемелерди жүктөп алуу** (сизге колдонмолорду жүктөп алуу үчүн электрондук почтанын болушу керек).

# Модул 4 - ГУГЛ

## Тренингтин максаттары

- Катышуучулар интернеттеги маалыматты алуу үчүн Гуглду кантип колдонууну билишет
- Катышуучулар интернетте жеткиликтүү маалымат кенен экенин билишет жана колодно алышат.




**Убакытынт узактыгы:**

45-60мү нө т

## Сизге керек болуучу материалдар:



Ручка, кагаз жана кагаз скотч



Смартфон аппараттары



Чакан белектер




Гугл плакаты




Глоссарий




Нарк плакаты




Коопсуздук Боюнча Кеңештер



Кесип алганга иконкалар

# Гугл менен таанышуу

## Катышуучуларга Гугл сүрөтүн көрсөтүп, муну телефондон табышын сураныңыз

"Бул эмне экенин ким билет?". "Ал эмне үчүн керек?"

**деп сураңыз.**

## Гугл Издөө жөнүндө кыскача түшүндүрмө бериңиз

- "Гугл Издөө сизге керектүү маалыматты табууга жардам берет. Сиз Гуглга кайсы маалыматты тапкыңыз келгенин айтасыз, мисалы "Дүйнө калкынын саны канча?" бул учурда аны табуу үчүн адамдар интернетке киргизген бардык маалыматты издейт.
- "Сиз жерлер, жумуштар, тамак жасоо рецепттери, кинолор, ырлар, жаңылыктар, мектеп, колледж, сынактар жана башкалар жөнүндө маалымат ала аласыз.

**Эсиңизде болсун:** Тренингдеги талкууларды практика жүзүндө кандайча жардам берерин көрсөтүңүз. Бул алар үчүн тренингдин актуалдуу жана кызыктуу болушуна жардам берет.

## Жашооңузга пайда алып келиңиз!

Гугл Издөө сизге (тренер), досторуңузга жана үй-бүлөңүзгө кандай пайда алып келери тууралуу мисалдарды айтып бериңиз. Мисалы:

- Жерлер, жумуштар, адамдар, атактуулар, тамак жасоо рецепттери, кинолор, ырлар, жаңылыктар, мектеп, колледж, сынактар ж.б.у.с.
- Гугл Издөөнү кантип колдонсо болоруна байланыштуу конкреттүү мисалдарды же окуяларды айтыңыз.

## Ютубду катышуучуларга ылайыктуу кылыңыз

- Катышуучулар менен Гугл Издөө алардын жашоосуна кандайча жардам бере аларын талкуулаңыз.
- "Издөөнү колдонуп өзүңүздүн жашооңуз үчүн кандай нерсе аласыз?" Алардын кызыкчылыктарына жараша бир нече сунуштарды бергиле».
- "Сизди эмнени көбүрөөк кызыктырат жана эмнени билүүнү каалайсыз?"

# Практика: Гуглду колдонуу

## Практика кылыңыз!

"Сиз эми телефондо Гугл Издөөнү колдонууга аракет кылып жатасыз!" **деп түшүндүрүңүз.**




## “Гуглду кантип колдонуу керек” постерин көрсөтүңүз

- "Бул плакат маалымат издөө үчүн Гугл колдонуу кадамдарын көрсөтөт" **деп түшүндүрүңүз.**
- Жөнөкөй издөө үчүн катышуучуларды телефондон ар бир кадамдар аркылуу өткөрүңүз."




## Гугл өтмөктөрүн көрсөтүү

(‘Бардыгы’, ‘Сүрөттөр’, ‘Видеолор’ жана ‘Карталар’)

- **Түшүндүрүү:** “Ар кандай өтмөктөрдү басканда, Гугл Издөө сизге ар кандай жоопторду көрсөтөт. Мисалы, "сүрөттөр" өтмөгүн бассаңыз, сиз сураган гана сүрөттөрдү көрөсүз."
- Катышуучулардан телефондогу ар кандай өтмөктөрдү басып, алар издегенден кийин кандай түрдүү натыйжаларды алаарын айтып берүүсүн **сураныңыз.**




## "Бардыгы" өтмөгүнүн натыйжалар барагын көрсөтүңүз

(‘бардыгы’, ‘сүрөттөр’, ‘видеолор’ жана  ‘карталар’)

- Сиздин машыгуучуларыңыз эмнени карап жатканын **түшүндүрүңүз.**

"Гугл сиз издеген сөзгө тиешелүү көптөгөн веб-сайттардын тизмесин берди:

- **Көк** бул ар бир веб-сайттын шилтемеси, аны бассаңыз, ал сизди веб-сайтка алып барат.
- **Жашыл** бул интернеттеги ар бир веб-сайттын "дареги".
- **Кара** бул веб-сайттын сүрөттөмөсү же үзүндүсү».

"Бул жерде эмнени карап жатканыңыз тууралуу суроолоруңуз барбы?" **деп сураңыз.**

## Практика: Гуглду колдонуу



### Гугл үчүн микрофон сүрөтүн кармап туруңуз

- **Түшүндүрүү:** "Микрофонду эч кандай текст тербестен Гуглдан каалаган маалыматты издөө үчүн колдонобуз. Издегиңиз келген сөздөрдү жаза албай калганда, Гуглга үн менен айтып койсоңуз болот."
- **Аны кайдан тапса болорун көрсөтүңүз:** "Микрофон сүрөтү издөө кутучасынын оң жагында пайда болот."
- **Аны кантип колдонууну көрсөтүңүз:** "Микрофон сүрөтүн басып, катуу, так жана жай сүйлөңүз."
- Катышуучулардан микрофондун жардамы менен белгилүү атактуулардын атын **издөөнү сураныңыз.**

---

### Катышуучулардан төмөнкү сөз издөө менен маалымат издөөнү көнүгүүлөрүн аткаруусун сураңыз:

1. Издөө кутучасына атактуулардын атын териңиз жана аларды издеңиз.
2. Издөө кутусуна жергиликтүү белгилүү жердин атын терип, аны издеңиз.
3. Окуучуларыңызга 1 сөздү аларга ылайыктуу издөө кутусуна терүү үчүн бериңиз (мисалы, 'велосипед', 'дүкөн', 'рецепттер', 'жумуштар', 'фермердүүлүк') жана аларга натыйжаларды изилдөөгө жардам бериңиз.

---

ВикипедиЯ
*Свободная энциклопедия*

**Википедия -** бул Гуглда издөө кылганыңызда көбүнчө эң биринчи турган веб-сайт. Ал көптөгөн темалар боюнча маалымат берет. Википедия аны колдонгон адамдар тарабынан жазылган жана ар бир саат сайын миңдеген өзгөртүүлөр киргизилип турат. Анда берилген маалымат пайдалуу болушу мүмкүн, бирок сиз автордун ким экенин билбегендиктен, маалыматка өзүңүз да баа беришиңиз керек.

## Практика: Түрлүү сөздөр менен издөө

"Биз түрлүү сөздөрдү колдонуу менен деталдуу издөөгө аракет кылабыз - бул сиз каалаган маалыматты табууга жардам берет" **деп түшүндүрүңүз.**

Катышуучуларга Гугл издөө кутучасына 2-3 сөздүн ар кандай айкалыштарын киргизүү менен маалымат издөө көнүгүүлөрүн сунуштаңыз. Алар муну микрофондун жардамы менен же текстти терүү аркылуу жасай алышат. Катышуучуларга мурун издеген сөздөрдүн негизинде окшош ар кандай сөздөрдү **бериңиз.**

**Кеңеш:** Ар кандай сөз айкалыштарын изилдөө үчүн катышуучуларга убакыт бериңиз.

## Практика: Жеке издөө

**Катышуучулар менен Гугл Издөө алардын жашоосуна кандайча жардам бере аларын талкуулаңыз.**

- "Эми сиз Гугл Издөөнү кантип колдонууну билесиз, аны өз жашооңузда эмне үчүн колдонгуңуз келет?" Алардын суроо-талабына жараша идеяларды бер.
- Катышуучулар менен алардын кызыгуусуна жараша издөө үчүн кандай сөздөрдү колдонсо болорун талкуулаңыз (издөө сөздөрүн жөнөкөй кылыңыз жана бир-эки сөздү гана колдонуңуз).
- Ар бир катышуучудан телефондон өздөрүн кызыктырган маалыматты издөөнү жана башка катышуучулардан бул жагынан аларга колдоо көрсөтүүнү сураныңыз.
- "Кийинки кайсы маалыматты издегиңиз келет?"

**Кеңеш:** “Интернетте көптөгөн сонун маалыматтар бар, бирок баары эле кызыктуу  эмес, кээ бирлери такыр чындыкка дал келбейт. Ошондуктан дайыма сиз издеп жаткан нерсеге эң жакшы жооп алуу үчүн эки-үч булакты карап чыгуу зарыл».

# Коопсуздук

**"Коопсуздук сиз үчүн эмнени билдирет?"**

Катышуучулардан базар сыяктуу кадимки коомдук жайда жүргөнүн элестетүүнү сураныңыз. Алардан бул жерде коопсуздукту сактоо үчүн эмне кыларын талкуулоосун сураныңыз. Аларга төмөнкү суроолор жана жооптор менен кайрылыңыз**:**

| **Сунуштар** | **Болжолдуу жооптор** |
|---|---|
| Эгер сиз тааныбаган адам сизге тийишсе эмне кыласыз? | Сиз алардан качасыз же көңүл бурбайсыз<br>Сак болгула - алар дайыма эле алар айткандай боло бербейт. |
| Эгер сиз тааныбаган же ишенбеген адам сизден жеке маалыматыңызды сураса эмне кыласыз? | Сиз тааныбаган же ишенбеген адамга жеке маалыматыңызды бербейсиз, анткени алар аны туура эмес колдонушу мүмкүн. |
| Көргөнүңүз же башыңыздан өткөргөн нерсеңизден ыңгайсыз болсоңуз, эмне кыласыз? | Болгон окуяны билген жана ишенген адамга айтыңыз. |
| Сиз менен баарлашкан адамдарга кандай мамиле жасайсыз? | Элге сылык-сыпаа мамиле кылам. |

**Түшүндүрүү:** "Интернет коомдук жай экенин эстен чыгарбоо маанилүү жана ага коомдук жайдай мамиле кылуу жана коопсуздукту сактоо маанилүү."

## Коопсуздук




**Катышуучуларга "Коопсуздук боюнча кеңештер" баракчасын бериңиз**

- Бул кеңештер интернетти колдонууда эмнени билдирерин катышуучулар менен талкуулаңыз.
- Катышуучуларга тиешелүү болгон мисалдарды колдонуу менен кеңештерди бериңиз. Мисалы, аялдар куугунтуктоонун алдын алуу үчүн көбүрөөк тынчсызданышы мүмкүн

### Гуглдагы коопсуздук



- "Гуглду колдонууда сизди тынчсыздандырган нерсе барбы?"
- "Эгер сиз Гуглдагы маалыматты карап жатсаңыз жана жаман же адепсиз деп ойлогон нерсени көрсөңүз, андан ары эмне кыла аласыз?"
- **Катышуучуларга түшүндүрүңүз жана көрсөтүңүз** "Сиз артка баскычын басып, издөө кутучаңыздагы сөздөрдү өчүрүп, ар кандай сөздөрдү колдонуу менен издөөңүздү тактай аласыз."
- **Түшүндүрүп бериңиз:** “Сиз Гугл Издөөнү колдонгондо, сиз телефонуңузда Гугл тарабынан эсте калган“издөө тарыхын” түзөсүз. Издөө кутучасын басканда сиз издөө таржымалыңыздын бир бөлүгүн көрө аласыз. Бул издөө таржымалын жок кылса болот."

**Кеңеш:** “Сиз эмнени издеп жатканыңызды көзөмөлдөйсүз – сиз жакшы же жаман нерселерди издей аласыз. Жакшы нерселерди издөө сиздин милдетиңиз».

# $ Нарк

**Мурунку Ватсап жана Ютуб модулдарында чыгымды жаап алган болсоңуз, муну кыскача маалымат катары гана колдонуңуз.**

**Түшүндүрүп бериңиз:** “Эми сиз Гугл'ду кантип жана аны эмне үчүн колдонсо болорун билесиз, келгиле, аны колдонуу канча турат экен билели! Мобилдик телефонуңузда интернетти колдонуу үчүн телефон насыясы сыяктуу эле мобилдик тармак провайдериңизден маалыматтарды сатып алышыңыз керек."




## “Нарк” плакатын көрсөтүңүз

- **Түшүндүрүү:** “Ар кандай иш-аракеттер ар кандай көлөмдөгү маалыматтарды колдонот. Текстти кароодо эң аз маалымат керектелет, сүрөттөрдү көрүү көбүрөөк, музыка ойнотуу жана жүктөө бир аз көбүрөөк, ал эми видеолорду ойнотуу эң көп колдонот."
- "Кээ бир интернет кызматтары көбүрөөк маалымат колдонгон аракеттерге байланышкан" **деп түшүндүрүңүз.**
